


# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ АСКЕРДИК МОБИЛИЗАЦИЯНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН БАРГАН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ


НАША ПРОФЕССИЯ
РОДИНУ ЗАЩИЩАТЬ
СЛУЖБА ПО КОНТРАКТУ
117
ул. Яблочкова,
дом 5, строение 1
ОЛИМП
НАША
ПРОФЕССИЯ –
РОДИНУ
ЗАЩИЩАТЬ
Служба по контракту
117 mos.ru
18+

# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ АСКЕРДИК МОБИЛИЗАЦИЯНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН БАРГАН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Авторлор:

**САГЫНБЕК КЫЗЫ РАХАТ**

**КАРАБАЕВ НУРСУЛТАН**

FRIEDRICH EBERT STIFTUNG
Kyrgyzstan

# МАЗМУНУ


Алгы сөз ....................................................................4

Кириш сөз ....................................................................5

Методология ....................................................................7

**Россиядагы кыргызстандык эмгек мигранттарынын учурдагы абалы ....................8**

**Согуштун айынан миграциянын Россиядан чыгып кетүү агымы ....................11**

**Борбордук Азиядагы миграциялык агымдардын өзгөрүүсү....................13**

**Украинадагы согуштун башталышына жана Россия Федерациясындагы жарым-жартылай мобилизацияга байланыштуу эмгек мигранттарынын абалындагы өзгөрүүлөр ....................14**

Аскер кызматына камактагы жаткан Кыргызстандык эмгек мигранттарын аскердик кызматка тартуу ....................18

**Камактагыларды жалдоо ....................18**

*Дайынсыз жоголгон ....................20*

Фронт сызыгындагы калыбына келтирүүгө жана башка иштерге тартылган эмгек мигранттары ....................23

Эмгек мигранттарын сурамжылоонун жыйынтыктары ....................26

Респонденттер жөнүндө жалпы маалымат ....................26

Респонденттердин социалдык жана демографиялык көрсөткүчтөрү ....................26

Украинадагы согуштун башталуусунун Россиядагы эмгек мигранттарына тийгизген таасири.................... 27

Тыянактар....................32

Сунуштар....................34

Кыскартуулар....................36

Глоссарий....................37

# АЛГЫ СӨЗ

**Бул иликтөө эмгек мигранттарынын 2022-жылдын башынан бүгүнкү күнгө чейинки абалын билүү максатында жүргүзүлдү, атап айтканда, Россиянын Украинадагы согушу үчүн жарыя кылынган жарым-жартылай аскердик мобилизациянын тийгизген таасири менен мигранттардын эмгекке болгон укуктарынын абалын баамдоо үчүн аткарылды.**

**Иликтөөлөрдүн актуалдуулугу Россиянын аймагында эмгектенип жүргөн Кыргыз Республикасынан барган эмгек мигранттарынын абалынын начарлап кетишине жол бербөөгө жана анын алдын алууга карата натыйжалуу чараларды иштеп чыгуунун зарылдыгынан келип чыгат. Россия Федерациясына карата экономикалык санкциялардын жана жарым-жартылай мобилизациянын тийгизген таасири мигранттар чыгып жаткан мамлекеттер үчүн экономикага тийгизе турган олуттуу кесепеттерди байкоонун индикатору гана эмес, Кыргыз Республикасынын жарандарынын бөтөн мамлекеттердин аймагындагы согуш аракеттерине катышуусу сыяктуу татаал социалдык көйгөйлөрдү аныктоонун дагы индикатору болуп калды.**

**Иликтөөлөрдө Россиядагы аскердик мобилизациянын кыргызстандык эмгек мигранттарына тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн аныктоо аракети жасалды.**

**Бул иликтөөлөр Фридрих Эберт Фондунун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгүнүн каржылык колдоосу менен аткарылган, ошондой эле коомдун кеңири катмарларына, мамлекеттик органдарга коопсуз жана жоопкерчиликтүү миграцияны коргоо максатында натыйжалуу чаралар менен мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу үчүн багытталат.**

FRIEDRICH EBERT STIFTUNG
Kyrgyzstan

# КИРИШ СӨЗ

2022-жылдын 24-февралында Россия Украинаны басып кирди. Бул агрессия  көптөгөн адам өлүмүнө алып келип,Украинанын инфраструктурасына, экономикасына жана айлана-чөйрөсүнө олуттуу зыян келтирди, өлкөнүн аймагынын 40%ы мина талаасына айланды. Согуш аракеттерине бир жыл болсо дагы Россия мобилизациянын эсебинен армиясын күчтөндүрүп жана коргонуу өнөр жайын кеңейтүү менен Украинага чабуулун улантып жатат.

Кол салуу Украинанын ичиндеги жана анын эл аралык чегинен сырткары жакты карай массалык көчүүнү тез эле жандантып, коңшу өлкөлөр менен Европа Биримдигине мүчө мамлекеттерди чатак аймактардан качып чыккан миллиондогон адамдар үчүн тыныга турган башкы жайга айлантты.  Саясий репрессиялар менен коштолгон согуш Россия калкынын бардык Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө, ошондой эле алыскы чет өлкөлөргө карай олуттуу агымын дагы жаратты. Андан тышкары, согуш бардык аймактарда узакка созула турган изин калтырды, экономикага, саясатка, демографиялык жана социалдык жагдайларга таасирин тийгизди, ошону менен бирге жакынкы жылдардагы мындан аркы  өнүгүү өңүтүн дагы аныктайт.

Украинадагы согуш – анын бүтүндөй аймак боюнча маанисин эске алганда – 2030-жылга карата Чыгыш Европа жана Борбордук Азия бюнча Аймактык миграциялык кырдаалдын ички маңызын түзөт.

Россиянын экономикасына карата эмгек мигранттарынын маанисин төмөнкү факт айгинелеп турат: Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2022-жылы  чет элдик эмгекчилерди миграциялык каттоого коюу 11,8 млн жолу болгон. Бул статистикага Россияда бир топ жылдан бери жашап жүргөндөрдүн каттоосун узартуу менен катар жаңыдан биринчи жолу каттоого алуу дагы кирет.

Россияга негизинен мурдагы Советтик республикалардын жарандарынын келүүсү уланып жатат. РФ ФККнын Чек ара кызматынын маалыматына ылайык Кыргызстандан келгендер үчүнчү орунда турат – **16,5 %**, же 562,6 миң киши, ал эми биринчи орунда турган Өзбекстандык жарандар  -  мигранттардын жалпы санынын **41,9%** же 1,45 млн киши, экинчи орунду болсо **28,4%** же 986,7 миң киши менен Тажикстан ээлейт.

Украинага карата аскердик агрессияга жооп иретинде бир катар өлкөлөр тарабынан салынган экономикалык санкциялар өлкөнүн ички экономикасына олуттуу таасир берди. Борбордук Азиядан келген мигранттар эмгектенип жаткан миңдеген эл аралык компаниялар өз кызматчыларын эмгек акы төлөнбөй турган өргүүгө жөнөтүү менен россиялык рыноктон чыгып кетишти.  Эмгек мигранттары кризисти биринчилерден болуп сезишти, алардын 34%ынын акча которуулары олуттуу ченемде кыскарып калды, ал эми алардын кай бирлери жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жоктугунан улам  өз мекенине кайтышты. Россиядагы экономикалык кризис эмгек мигранттарынын укуктарынын орчундуу бузулушуна алып келди,  жалпы иштен бошотуунун жогорку көрсөткүчтөрү, эмгек акыны төлөөнү кечиктирүүлөр, эмгек акы төлөбөй коюулар, жумушсуз туруп калуулар д.у.с. байкалды. Бул факторлордун бардыгы мигранттардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн абалын начарлатты.

Бирок бул Борбордук Азиядан келип жаткан миграциялык агымдын басаңдашына себеп болгон жок.  Эмгек мигранттары бүгүнкү күнгө чейин Россия Федерациясындагы экономиканын маанилүү элементи бойдон калууда.

Ошону менен бирге Россиянын Аскердик ресурстары жетишсиз экендиги билинди. Кошумча мобилизация болбосо Россия армиясы  РФ президенти Владимир Путин койгон милдеттерди аткара албайт эле. Ошондуктан «Вагнер» ЖАК сыяктуу жеке аскер компаниялары чындыгында көмүскө мобилизация болуп калышты. Аскер кызматындагы ыктыярдуулар менен жалданмалар Россиянын  Коргоо министрлиги менен бирдей эле кызматташууда. Украинадагы согуштун башталышы менен орус бийлиги чет элдик жалданмаларды (анын ичинде Борбордук Азиядан келген эмгек мигранттары дагы бар) согушка толук кандуу тартуу өнөктүгүн  ишке ашырууда.

2023-жылы орус аскер башчылыгы келишимдин негизинде 415 миңден ашуун адамды аскер кызматына тартууну көздөп жатат, мында 300 миң адам оорукта кызмат кылат, ал эми калганы жаңы бөлүктөрдү түзүү жана мурдагы бөлүктөрдү толуктоо максатында Украинага жөнөтүлөт.

РФ президенти Владимир Путин  Россия Федерациясынын Коргоо министрлигинин  400 миңден ашуун аскер кызматындагыларды «көмүскө жалдоо» сунушун колдоого алды.

Бул келишим аркылуу жыйноо РФ Коргоо министри Сергей Шойгу тарабынан сунуш кылынган армиянын реформасы менен байланыштуу. Анын оюн боюнча 2026-жылга чейин орус армиясы 1,15 млн кишиден 1,5 млн кишиге чейин көбөйүп, алардын жарымы келишимдин негизинде кызмат өтөөчүлөр болуусу керек.

Бул иликтөөлөрдү жүргүзүү жана Фокус-топтордогу дискуссиялардын учурунда иликтөөчүлөр орус бийлигинин Борбордук Азия өлкөлөрүнөн келген эмгек мигранттарын согушка катышуу үчүн жалдоого жасаган көптөгөн аракеттерине күбө болушту.

Респонденттердин айтуусуна караганда жалдоочулар мечиттерге барып жатышат, ал эми миграция борборлорунда болсо кызматкерлер чет элдиктерге орус армиясында кызмат өтөөнү сунуш кылышууда. Мигранттарга 2 390 АКШ доллары өлчөмүндөгү рубль менен бир жолу берилүүчү төлөм, ошондой эле 4 160 доллар өлчөмүндөгү айлык акы (рубль менен) убада кылынып жатканын респонденттер белгилеп жатышты. Андан тышкары, Россияда орус армиясында кызмат кылууга келишим түзгөндөрдү жарандыкка ыкчамдатып кабыл алуу жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилди.

Респонденттердин пикири боюнча жогору эмгек акы менен РФ жарандыгын ыкчамдатып алуу мүмкүнчүлүгү согуш башталгандан кийин оор турмуштук кырдаалга туш болгон көптөгөн мигранттарды кызыктыруусу мүмкүн. Аскер кызматына өткөн эмгек мигранттарын согуштун алдыңкы катарына жөнөтүшөт, ал жакта орус аскеринин жоготууларынын чени өтө жогору.

Эмгек мигранттарын жалдоо аракети – бул орус бийлиги тарабынан Коргоо министрлиги жарыя кылган согушка 400 миң «ыктыярчыларды» жөнөтүү максатына жетүүнүн бир гана жолу. Калктын нааразычылыгын туудурбаш үчүн РФ бийлиги мобилизациянын жаңы толкунун жарыя кылууну мүмкүн болушунча кечеңдетет.

# МЕТОДОЛОГИЯ

Бул иликтөөлөрдүн негизги максаты РФтеги аскердик мобилизациянын Борбордук Азиядагы миграция агымдарга жана Россиядагы кыргызстандык эмгек мигранттарынын абалына тийгизген таасирин изилдөө. Иликтөөлөр кабинеттик изилдөөлөрдүн, терең маектердин жана Фокус-топтордогу дискуссиялардын жардамы менен сапаттуу маалыматтарды топтоого негизделген. Иликтөөлөрдө негизги көңүл Украинанын аймагын басып киргенден кийинки Россия Федерациясындагы аскердик мобилизация көйгөйүнө туш болгон мигранттарга бөлүнгөн.

Иликтөөгө коюлган талаптар:

- Украинадагы согуштун Борбордук Азиядагы миграциялык агымдарга жана Россиядагы Борбордук Азиялык эмгек мигранттарынын абалына тийгизген таасирин талдап чыгуу;
- Россиядагы аскердик мобилизациянын өзгөчөлүктөрүн жана анын КМШ өлкөлөрүнөн келген эмгек мигранттарына тийгизген таасирин талдап чыгуу;
- Согуш майданынын алдыңкы катарында пайдалануу үчүн эмгек мигранттарын тартуудагы колдонулуп жаткан Россиянын негизги стратегияларын аныктоо;
- Украинадагы согушка карата жана согушка зордук менен тартылуу тобокелчилигине карата эмгек мигранттарынын мамилесин баамдоо;
- Украинадагы согуш аракеттери жүрүп жаткан чөлкөмдөрдөгү эмгек мигранттарынын абалын баамдоо.

Бардыгы болуп Россиядагы кыргызстандык 65 эмгек мигранты катышты.

Эмпирикалык маалыматтарды топтоо мөөнөтү: 2023-жылдын апрель-июнь айлары.

Маалымат топтоо аспаптары:

1. Кабинеттик изилдөөлөр: Украинадагы согуш башталып, жарым-жартылай мобилизация жарыя болгондон кийинки маалыматтык ресурстарды жана Кыргызстандан Россияга болуп жаткан миграциялык процесстер жөнүндөгү отчетторду талдоо.
2. Мобилизацияга кабылган эмгек мигранттары, Украинадагы согушта курман болгон камактагы кишилердин үй-бүлөлөрү жана Украинанын басып алынган аймактарындагы жумуштарды аткарууга тартылган мигранттар менен терең маектешүүлөр. Бардыгы болуп 15 терең маектешүү өттү. Бардык терең маектешүүлөр аудиого жазылып алынды.
3. Иштеп жаткан эмгек мигранттары менен Фокус-топтордогу дискуссияларды өткөрүү. Мында бир нече маалымат берүүчү менен бир эле мезгилде маектешүү каралган. Талкууну формалдаштыруу ченеми жарым-жартылай түзүмдөштүрүү болду, бул болсо алынган жооптордун негизинде жаңы суроолорду даярдоого мүмкүнчүлүк берди. Мигранттардын ар кандай топторунун ичиндеги өткөрүлгөн Фокус-топтор мигранттардын Украинадагы согушка, Россияда жарыя кылынган мобилизацияга карата пикирин билүүгө, ошондой эле алардын Борбордук Азиядан чыккан мигранттардын жеке турмушуна тийгизген таасирин аныктоого жардам берди. Бардыгы болуп 4 Фокус-топтордогу дискуссия өткөрүлдү:
   - 1 Фокус-топ Екатеринбург шаарында 15 катышуучу менен;
   - 3 Фокус-топ Москва шаарында 35 катышуучу менен.
4. Эксперттик маектер жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн аңгемелешүү түрүндө болду, мында суроолор ар түрдүү жооп алууга жана дискуссия жаратууга негизделген, бул болсо иликтөөчүлөр тарабынан татаал маселелерди терең жана конкреттүү түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк берди.

Эксперттик маектешүүлөр төмөнкү иликтөөчүлөр менен жүргүзүлдү:

- Эмилбек Касаболотов, юрист,
- Адиль Турдукулов, медиа тармагы боюнча эксперт, коомдук ишмер.

# РОССИЯДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРДЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Россия Федерациясы мигранттардын саны боюнча Европада биринчи орунда, ал эми дүйнө боюнча Америка Кошмо Штаттарынан кийинки экинчи орунда турат. Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин алдындагы Миграция иштери боюнча башкы башкармалыктын (РФ ИИМ МИБ) маалыматы боюнча 2022-жылы Россияга 12,78 млн мигрант келген, бул болсо 2021-жылга караганда 3,5 млн кишиге көп. Федералдык мамлекеттик статистика кызматынын (Росстат) маалыматы боюнча мигранттардын басымдуу бөлүгүн КМШ өлкөлөрүнөн чыккандар түзөт.

Кыргызстандык эмгек мигранттары үчүн дагы Россия бардыгынан жагымдуу өлкө бойдон калып жатат. РФ ИИМдин маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-январына карата РФ аймагында болжол менен 680 миң Кыргыз Республикасынын жараны бар, бул Россиянын аймагындагы жалпы чет элдик жарандардын 11,4 %ын түзөт. Ошол эле учурда божомолдоп караганда Россиянын аймагында 1 миллионго чейин биздин мекендештер болуусу мүмкүн, анткени Кыргыз Республикасынын жарандарынын катарына кош жарандыгы бар жана укуктук макамы такталбаган (Россияда бей-легалдуу жүрүшкөн) мекендештерди дагы кошууга болот. РФ ИИМдин статистикалык маалыматтары боюнча 2023-жылдын 1-январына карата миграциялык каттоого алынган Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны **1 млн 184 миң 469** (анын **978 216** сы «жумуш» максатында, **114 889** киши «жеке» жана **38 467** киши «окуу» максатында).

Кыргыз Республикасынын жарандарынын Россияда жүрүүсү ЕАЭБ боюнча Келишим жана КР, РФ жана Тажикстан Өкмөттөрүнүн ортосундагы «Жарандардын өз ара визасыз жүрүүсү жөнүндөгү» Келишими менен жөнгө салынган. ЕАЭБ Келишимине кошулгандан кийин Кыргыз Республикасынын жарандары бир катар жеңилдиктерге ээ болушту.

Кыргыз Республикасынын мыйзамды сыйлаган жарандарынын абалын жакшы деп баалоого болот. Ошол эле учурда бир катар кыйынчылыктар дагы бар, атап айтканда эмгек акысы жогору жумуштарга орношуу, эмгек акынын төмөн болуусу, Россиянын коомдоштуктарына сиңип кетүү жана ыңгайлашуу сыяктуу кыйынчылыктар.

Россия Федерациясында бей-легалдуу жүрүшкөн Кыргыз Республикасынын эмгек мигранттарынын абалы оор бойдон калууда. Россиядагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын негизги көйгөйлөрү катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

## МИГРАЦИЯЛЫК КАТТООГО ТУРУУНУН ТАРТИБИ

Кыргыз Республикасынын жарандарынын РФтеги каттоодон өтүүсү легалдашуудагы эң эле оор маселе бойдон калып жатат. Бүгүнкү күнү кыргызстандык жарандар каттоону башка чет элдик жарандар сыяктуу эле «көмүскө базардан» сатып алышууда, ошону менен бирге катталган жерлеринде жашашпайт. Натыйжада административдик жоопкерчиликке тартылып жатышат.

Мындай шартта россиялык иш берүүчүлөр кыргызстандык жарандар менен расмий эмгек келишимдерин түзүүнү каалашпайт, алар салыктан качышат. Ошондон улам биздин жарандар жасалма юридикалык жактар менен жасалма эмгек келишимдерин түзүү аркылуу Россияда жүрүү мөөнөтүн 1 жылга чейин узартып жатышат.

РФ аймагында эмгектенип жатышкан Кыргыз Республикасынын жарандарында бир катар көйгөйлөр башынан эле пайда болот. Жашаган жеринде каттоого туруу өтө татаал. Турак жайын арендага берип жаткандар чет элдиктерди өзүнө каттатуудан баш тартышат, ошондон улам «биздин мекендештер көмүскө жолдорду издөөгө мажбур болушат», алар ар кандай ортомчулардын кызматынан пайдаланышат, ошентип өздөрүнүн миграциялык каттоосу жасалма экендигин өздөрү дагы түшүнбөй калышат. «Акча төлөгөндөн кийин бардыгы жайында деп ойлошот. Бир аз убакыт өткөндөн кийин алар базадан чыгарылып калат дагы бей-легалдуу абалга туш болушат». Андан кийин алар ал өлкөдөн чыгарылып салуу коркунучуна кабылышат.

Миграциялык мыйзамдарды болор-болбос бузуу үчүн, кай бир учурларда бузууга мажбур болгондугу үчүн чет элдик жарандар өлкөдөн чыгарылып, аларга кайра келүүгө көп жылдар бою тыюу салынат.

**Эки же андан көбүрөөк административдик укук бузуулар үчүн мекендештерди өлкөдөн чыгарып жиберүү жана кийин алардын Россия Федерациясына кайра кайтуу укуктарын чектөө.**

*Маалымат иретинде: 2022-жылдын май айындагы жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы менен «болоор-болбос» административдик бузуулар-ды жасашкан 47 миңдей Кыргыз Республикасынын жарандарынан Россияга кирүүгө чектөөлөр алынып салынган. Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салынган адамдардын тизмесинде 37 миңдей Кыргыз Республикасынын жараны бар, алардын ичинде РФтин соттук чечиминин негизинде Россиядан чыгарылып жибергендер дагы бар, алар боюнча чечимдер негиз-дүү жүйөөлөр боюнча сот аркылуу гана кайра каралуу-су мүмкүн.*

## ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮ ҮЧҮН МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨГҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДОО ТҮЗҮМҮНҮН ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛУУСУ


*Маалымат иретинде: ЕАЭКтин РФ аймагындагы ЕАЭБке мүчө мамлекеттерден келген эмгекчилердин бирдей укугун камсыз кылуу боюнча ырааттуу ишинин натый-жасында, ошондой эле ЕАЭБдин катышуучу-өлкөлөрү менен сүйлөшүүлөрдүн аркасында эмгек мигрантта-рынын милдеттүү түрдөгү медициналык камсыздоо (МТМК) түзүмүнө жеткиликтүү болуусу 2016-жылдын октябрь айынын аягында чечилген. РФ Саламаттыкты сактоо министрлиги МТМК эрежелерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча буйрук чыгарган.*

*2017-жылдын 1-январынан тарта ЕАЭБ өлкөлөрүнөн чыккан эмгек мигранттары Россия Федерациясынын МТМК түзүмүнө кирүүгө мүмкүнчүлүк алышты.*

*Бирок, азыркы учурда РФ компетенттүү органдары Кыргыз Республикасынын жараны болгон эмгекчилер-дин үй-бүлө мүчөлөрүнө милдеттүү түрдөгү медици-налык камсыздоо полисин берүүдөн баш тартышууда, анын ичинде жашы жете элек балдарга дагы. Бул жагдай Кыргыз Республикасынын жарандарынын бал-дарынын абалын кыйындатып, медициналык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүнө гана эмес, мектепке чейинки жана мектептерде билим берүү жайларына дагы тоскоол болууда, анткени бул жайларга кабыл алуу үчүн медициналык кароодон өтүү талап кылынат, ошондой эле медициналык жардам алууга кепилдик-тер болуусу зарыл.*

Россия тараптын пикири боюнча эмгек мигранттары-нын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн МТМК полисин камсыз кылуу-га бюджеттик каражат бөлүп берүү мүмкүнчүлүгү жок. РФ мыйзамдарына ылайык камсыздандыруучу болуп РФ субъектилеринин аткаруу бийликтери эсептелишет, ошондуктан камсыздоо взностору ошол субъектилердин бюджеттеринин эсебинен төлөнөт (маалымат иретинде: Милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо үчүн орто эсеп менен 10 миң рубль талап кылынат).

**1-ДИАГРАММА.** *РОССИЯ ПАСПОРТУН АЛГАН КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНДАРЫНЫН САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ (2018-2022-ЖЖ.)*



## ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН РОССИЯЛЫК КООМДОШТУКТАРГА СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ЫҢГАЙЛАШУУСУ ЖАНА СИҢИП КЕТҮҮСҮ

Россияда жүрүшкөн кыргыз эмгек мигранттарынын актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири болуп россиялык коомдоштуктарга социалдык-маданий ыңгайлашуу жана сиңип кетүү саналат. 2023-жылдын 1-февралында мигранттардын, качкындардын жана мажбур болуу түрдө жер которгондордун социалдык-маданий ыңгайлашуусу жана сиңип кетүү маселелерин укук-ченемдик жактан жөнгө салуу боюнча РФ Мамлекеттик Думасынын улуттар иши боюнча Комитетинин алдында түзүлгөн жумушчу топтун отуруму болуп өттү.

Эмгек мигранттарынын орчундуу бөлүгүнүн бей-легалдуу мүнөздө болуусу аларга карата көптөгөн кылмыш иштеринин жасалуусуна алып келет: көптөгөн мигранттарды мыйзамдаштырылган кулчулук абалында кармап турушат, көпчүлүк учурда аткарган жумушуна акы төлөшпөйт, ал эми укук коргоо органдары болсо мигранттардан пара талап кылышат. Макамы жөнгө салынбаган мигранттардын абалы шылуун жумуш берүүчүлөрдөн көз каранды болот жана коргоосуз кылат. Көбүн эсе бул өлкөгө келүүнүн өзү кылмыш аракетинде болушкан жумуш берүүчүлөр тарабынан алдоолор менен коштолот, алар бекитилген квоталарды эсепке албастан эле жумушчу күчүн эмгек келишимин түзбөй туруп пайдаланууга аракет кылышат. Бул болсо акыры барып негизги укуктардын олуттуу бузулуусуна, а түгүл ары-бери жүрүү эркиндигин чектөөлөргө, акыны төлөбөй коюуга, начар шарттарда жашоого, уруп-согууларга, өмүргө коркунуч туулушуна, кемсинтүүлөргө жана башка жаман нерселерге алып келет. Эмгек акыны өз маалында төлөбөй коюу же башында сүйлөшүлгөн сумманы бербей коюу мисалдары эң эле көп.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөр көптөгөн жылдар бою эмгек мигранттары тарабынан өздөрү чыккан өлкөлөрдүн паспортторунан баш тартууга жана Россия жарандыгын алууга мажбур кылып келген.

Украинадагы согушка жана мобилизацияга туш болуу коркунучуна карабастан кыргызстандыктар РФ жарандыгын алуу үчүн документтерди тапшырууну улантып жатышат. Тетирисинче, 2022-жылы Россия жарандыгын алган Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны рекорддук көрсөткүчкө жеткен.

# СОГУШТУН АЙЫНАН МИГРАЦИЯНЫН РОССИЯДАН ЧЫГЫП КЕТҮҮ АГЫМЫ

2022-жылы Россия жарандарынын сыртка чыгып кетүүсүнүн эки даана толкуну болуп өттү. Биринчиси Россия Украинага кол салгандан кийин болуп көптөгөн саясий активисттерди, журналисттерди, окумуштууларды, художниктерди, ишкерлерди жана орустун техникалык элитасын камтыды. Адамдардын Россиядан чыгып кетүүсүнүн себептери ар түрдүү, бирок алардын көпчүлүгү саясий кысымдын күч алуусуна байланышкан, анын ичинде согушка каршы иш-аракеттерди жана аскерлер менен анын жетекчилигине карата сын айтууга тыюу салган мыйзамдын кабыл алынуусу дагы бар[1]. Андан тышкары, көпчүлүгү эл аралык санкциялардын таасиринен кооптонушкан (2023-жылдын январь айынын ортосуна чейин 13 миңден ашуун санкция), ошондой эле армияга чакыруу ыктымалдуулугу менен чек аранын жабылуусу дагы. Бул агымга эл аралык жана россиялык ишканалардын, атап айтканда IT-сектордун кызматкерлери киришти, алар өздөрүнүн Россиядагы ишмерлигин токтотушуп башка өлкөлөргө чыгып кетишти (мисалы, Түштүк Кавказ, Борбордук Азия өлкөлөрүнө, ошондой эле Сербия жана Черногория сыяктуу Батыш Балкан өлкөлөрүнө).

Экинчи, мурдагыдан катуурак толкун 2022-жылдын 21-сентябрындагы жарым-жартылай мобилизация жарыя болгондон кийин байкалган, натыйжада аскерге чакырууга жарактуу делген эркек жарандар заматта өлкөдөн качып чыгып кетишти, көбүн эсе үй-бүлөлөрү менен. Мобилизация ошондой эле мурда кетип калууга чыгынбай жүргөндөргө, ошондой эле аскерге чакыруудан чочулаган Борбордук Азиядан чыккан эмгек мигранттарына дагы түрткү болду. Андан тышкары, жыл ичинде башка адамдар дагы өлкөдөн чыгып кетишти, алардын ичинде россиялык эң бай адамдар дагы бар. Ишеничтүү жана салыштырып көрүүгө мүмкүн боло турган маалыматтар жок болгондон кийин 2022-жылы Россиядан кетип калган жана кайра артка кайтышпаган адамдардын реалдуу саны белгисиз. Россиядагы колдо бар маалыматтар салыштырмалуу жана болжолдоп айтканда туура эмес кырдаалды көрсөтөт[2]. Ошентсе дагы колдо бар маалыматтар өлкөдөн 2022-жылдын январь-октябрь айларында чыгып кетишкен 584 миң адамдан ашуун сандагы рекорддук көрсөткүчтү тастыктап турат, алар россиялыктар жана узак мөөнөттөн бери Россияда турушкан чет элдик резиденттер. Кетип калгандардын көпчүлүгү, 89% га жакыны, Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө багыт алышкан (анын ичинде болжол менен 107 миңи Украинага, 85 миңи – Тажикстанга, 62 миңи – Арменияга, 61 миңи – Казакстанга, 60 миңи – Кыргызстанга, 55 миңи – Өзбекстанга). Акыркы он жылдыктар ичинде Россияга Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүнөн келген миграциялык өсүш терс көрсөткүчтү түздү, бир гана Тажикстандан келген агым негизинен жалпы көрсөткүчтөн жогору.

2022-жылы бир нече жүз миңден бир миллионга чейинки сандагы россиялыктар өлкөдөн чыгып кетип кайра кайткан эмес, орточо жарым миллион деп кароого болот. Анын үчтөн бирине жакыны жаз-жай айларында кетишкен, ал эми үчтөн экиси – күзүндө. Массалык чыгып кетүү миграциясын кыйыр түрдө каржы капиталынын сыртка карай агымы көрсөтүп турат, Россиянын Борбордук Банкынын баамдоосу боюнча 2022-жылы 251 млрд АКШ доллары чыккан (өлкөнүн ИДПна карата 14%). Андан тышкары, 2022-жылдын январь-сентябрь айларында россиялыктар чет өлкөлөрдөгү депозиттерге үч

1 Мисалы, «РФ Кылмыш-жаза кодексине жана РФ Кылмыш-процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» 2022-ж. 4-мартындагы № 32-ФЗ жана 2022-ж. 25-мартындагы № 63-ФЗ Федералдык мыйзамдары, «Чет өлкөлөрдүн таасириндеги адамдардын иш-аракеттерине көзөмөл жүргүзүү жөнүндө» 2022-ж. 14-июлундагы № 255-ФЗ Федералдык мыйзамы ж.б.

2 Ковид өзгөчө абалына байланыштуу чет элдик жарандардын Россияда болуусу 2021-жылдын аягына чейин узартылган, ошондуктан алардын чыгып кетүүсүн статистика 2022-жылдын биринчи жарым жылында эсепке алган. Андан тышкары, маалыматта россиялыктардын каттоодон чыгуусу менен катар эле Россияда 9 айдан көбүрөөк жашаган чет элдик резиденттердин каттоодон чыгуусун дагы камтылуусу керек, бирок (1) көпчүлүк россиялык жарандар өлкөдөн каттоодон чыкпастан эле кетип калат жана (2) чет элдиктердин каттоодон чыгуусу автоматтык түрдө эле болот.

триллион рубль которушкан (42 млрд АКШ доллары), ал эми мурунку мезгилдерде мындай которуулар жылына болжол менен 380 млрд рубль болуп турган. Декабрь айынын орто ченинде Россиянын Санариптик өнүгүү, байланыш жана массалык коммуникациялар министри 2022-жылы Россиядан 100 миңге жакын IT-адис чыгып кетип кайра кайткан жок деп билдирген. Сыртка карай миграциялык агымдын 2022-жылдагы өсүшү Россиянын 2019-2025-жылдардагы миграциялык саясатынын Концепциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү жакында көтөрүлгөн мыйзам долбоорунда дагы айтылгандыгын белгилеп коюу маанилүү (бул мыйзам 2023-жылдын февраль айынын башында кабыл алынат деп күтүлүүдө). 2022-жылы өлкөдөн чыгып кеткен россиялыктар үчүн эң эле популярдуу багыттар болуп виза талап кылынбаган Грузия, Турция, Казакстан, Армения, Сербия, Кыргызстан, Өзбекстан, Азербайжан, Тажикстан, Израил, Бириккен Араб Эмираттары (визаны баргандан кийин алууга болот) жана Монголия болгон, бирок кай бир россиялыктар Египетке, Индияга, АКШ жана Латын Америкасына (атап айтканда Аргентинага) кетишкен. Европа Биримдиги боюнча эң популярдуу багыттар болуп Балтика өлкөлөрү, Финляндия, Греция жана Болгария эсептелет. Саналып өткөн өлкөлөрдүн ичинен Турция, Сербия, Грузия жана Казакстан маанилүү транзиттик өлкөлөр болуп саналышат, булардын биринчи экөөнөн Россияга жана Россиядан кайра артка түз аба каттамдары бар, ал эми акыркы экөө болсо кургак жер менен өлкөгө кирүүгө уруксат берет. Айтсак, Казакстандын Россия менен чек арасы 7600 км түзөт, чек ара боюнча бир нече өткөөл пункттары бар, бул болсо аны Борбордук Азия өлкөрүн карай жана андан ары дагы өтүп кетүүчү жолдогу идеалдуу транзиттик өлкө кылып турат. Андан тышкары, Казакстан (Армения, Беларусь жана Кыргызстан сыяктуу эле) Россия жарандарына өздүк күбөлүктөрү менен эле кирүүгө уруксат берет, бул өтө маанилүү фактор, анткени Россиянын калкынын 30 %ы гана чет жакка чыгуучу паспортко ээ. Эгерде аталган өлкөлөр визалык чектөөлөрдү киргизип калбаса же Россия өз чек арасын жаап салбаса, анда аскердик мобилизациянын кошумча толкуну ошол эле виза талап кылынбаган өлкөлөрдү карай чыгып кетүүнүн жаңы агымын жаратат деп күтүүгө болот. Андай болбой турган болсо Россиядан сыртка чыгуу миграциясы 2023-жылы туруктуу бойдон уланышы ыктымал, бул болжол менен жылына 100 миң .россиялык жаранды түзөт.[3]

3 Баамдоо Россиянын Мамлекеттик статистика кызматынын тарыхый маалыматтарына негизделген

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ МИГРАЦИЯЛЫК АГЫМДАРДЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ

Борбордук Азиядагы миграцияга мурда болгон эле факторлор таасир кылат, биринчи кезекте экономикалык чабалдык, өсүп келе жаткан жаш муундун жарым-жартылай жумушсуздугу, Афганистанга жакын болуу, аймак ичиндеги чатактар жана климаттын өзгөрүүсү. 2022-жылы бул факторлордун бардыгы Россиянын Украинадагы согушунун айынан, андан келип чыккан саясий жана экономикалык кесепеттерден улам тереңдеп кетти, согуш Борбордук Азиядагы абалды ого бетер бүдөмүк кылып койду. 2022-жылы Борбордук Азия мамлекеттерине көз карандысыздык жылдарынан берки эң эле жогорку сандагы россиялык мигранттардын агылып келүүсү байкалды. Мобилизациядан качкан орустар үчүн Казакстан негизги багыттардын бири болуп калды. Баамдоолорго ылайык 2022-жылдын сентябрь айынын аягы – октябрь айынын башында эки жуманын ичинде эле Казакстанга 200 миңден ашуун россиялыктар келишкен, алардын көбү жаш жигиттер. Казакстандын Эмгек жана калкты Социалдык коргоо министрлигинин маалыматы боюнча 2022-жылдын аягына чейин Россия жарандарынын жалпы саны 298 миң кишиге жеткен. Андан тышкары, Казакстандын премьер-министри Россияда өз иш-аракеттерин токтоткон 250 эл аралык компанияны кабыл алуу ниетин билдирген, ошону менен бирге чет өлкөлүк инвесторлорго өлкөдө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө өкмөттү чакырган. Ошого окшош эле бизнестин көчүү тенденциялары Кыргызстанда дагы байкалууда. Кээ бир маалыматтарга караганда өлкөдө 50 дөн ашык россиялык жана беларусиялык компаниялар катталган, ошол эле учурда ал жакка кызматкерлер жана алардын үй-бүлөлөрү келишкен, бул Кыргызстандын экономикасын жалпы жонунан бекемдейт. Россиядан келип жаткандардын санынын өсүшү Кыргызстандын экономикасына оң таасир берди. Бизде азырынча так маалымат жок, Өзбекстанда жана Тажикстанда дагы аскерге чакыруудан качкан россиялыктардын агымы байкалган. Өзбекстанда болсо бул божомол кыйыр түрдө Россиядан акча каражатын которуулар менен бышыкталып турат, которуулардын көлөмү согушка чейинки 54,1% дын ордуна 2022-жылы 80 % га жеткен. Андан тышкары, Борбордук Азиядан чыккан эмгек мигранттары Украинадагы согуштун уланышы менен көйгөйлөргө туш болуусу ыктымал. Сыртка чыгып жаткан миграция жана акча каражаттарынын которулушу Борбордук Азиянын калкы үчүн жан сактоочу жагдай. Мурдагы жылдардагыдай эле 2022-жылы Россия Борбордук Азиядан чыккан мигранттар үчүн маанилүү эмгек рыногу бойдон калды, балким 2023-жылы дагы Россиядагы жумушчу күчүнүн кескин тартыштыгын жана өз өлкөлөрүндөгү социалдык-экономикалык түрткүнчөк берүүчү факторлорду эске алганда Россия жагымдуу багыт боюнча кала берет. Ошол эле учурда буга чейин эл аралык катуу санкцияларга туруштук берип келе жаткан Россия экономикасы басаңдап бара жатат. Мигранттарга экономикалык жагы маанилүү болгондуктан улам алар альтернативалык багыттарды издей баштоосу дагы мүмкүн, анткени жумушчу орундар аз болгондуктан кайра өз үйүнө кайтуу максатсыз болуп калат. Бул жагдай улуттук экономикалар, айрыкча Тажикстан менен Кыргызстан үчүн олуттуу чакырык болуп калды, аларда акча каражатын которуулар ИДПга карата тиешелүү түрдө 32 % жана 31 % ды түзөт. Бул болсо аларды мигранттардын акча которууларынан көз карандылыгы боюнча дүйнө боюнча төртүнчү жана бешинчи орунга коёт. Россиянын Украинага басып кирүүсү, рублдин ыкчам девальвациясы жана Россия армиясына чакыруу коркунучу Борбордук Азиядан чыккан мигранттардын белгилүү бөлүгүнүн кетип калуусуна түрткү берди, бирок 2022-жылдын экинчи жана үчүнчү кварталдарында Россиядагы экономикалык перспективалардын жакшыруусу менен алар кайра кайтып келишти.

# УКРАИНАДАГЫ СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫНА ЖАНА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ МОБИЛИЗАЦИЯГА БАЙЛАНЫШТУУ РОССИЯДАГЫ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН АБАЛЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

2022-жылдын 21-сентябрында Россиянын президенти Владимир Путин Россия Федерациясындагы жарым-жартылай мобилизация жарыя кылына тургандыгы жөнүндө жарлыкка кол койду.

Украинага каршы согуштун, б.а. «ААО – атайын аскердик операциянын» башталышы, санкциялардын кабыл алынуусу жана жарым-жартылай мобилизациянын жарыя кылынуусу менен 2022-жылдын ичинде Россиянын экономикасын өзгөрүүлөр жана кризистик кырдаал чулгап калды, алар эмгек рыногуна, ошондой эле эмгек мигранттарынын абалына түздөн түз таасир берди.

Оор экономикалык кырдаал менен жаңы шарттарга ыңгайлашуу Россия Федерациясында бир катар мыйзамдардын өзгөрүүсү менен коштолду:

- аскер кызматынан качкан үчүн кылмыш жоопкерчилиги киргизилди (РФ Кылмыш-жаза кодексинин 328-беренеси, 1-бөлүк);
- чет элдик жарандарга аскерде кызмат өтөө мүмкүнчүлүгү берилди («Россия Федерациясынын Президентинин 1999-жылдын 16-сентябрындагы № 1237 Жарлыгы менен бекитилген »Аскердик кызмат өтөөнүн тартиби жөнүндөгү Жобого« өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» РФ Президентинин 2022-ж. 14-ноябрдагы № 823 Жарлыгы).

Чет элдик жарандарды Россиянын аскер күчтөрүнө тартуу максатында улам көбүрөөк жагымдуу шарттар түзүлүүдө, айрыкча эмгек мигранттарына карата, анткени алар Россиядагы катаал миграциялык саясаттын айынан эмгек иш-аракеттерин жасоодо уламдан-улам көбүрөөк тоскоолдуктарга туш болушууда.

Мисалы үчүн, 2022-жылдын 30-сентябрында РФ Президентинин «Аскер кызматын өтөө жөнүндө келишимге кол койгон чет элдик жарандарды Россия Федерациясынын жарандыгына жөнөкөйлөтүп кабыл алуу тартиби жөнүндөгү» № 690 Жарлыгы күчүнө кирген.

Бул Жарлыкка ылайык жеңилдетилген тартипте жарандык алууга төмөнкү чет элдиктер укуктуу:

- бир жылдан кем эмес мөөнөткө аскер кызматына келишим түзгөн жана 6 айдан кем эмес убакыт согуш аракеттерине катышкандар. Же 6 айдан кем мөөнөт, эгерде жаракат алуунун айынан ден соолугуна байланыштуу аскер кызматынан бошотуу болсо;
- бул жерде чет элдик жарандардын же жарандыгы жоктордун жубайлары, балдары жана ата-энелери көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, чет элдик жаран келишим түзгөндөн кийин дароо эле квотадан тышкары эле убактылуу жашоого уруксат алууга укуктуу, ошондой эле бир катар социалдык жеңилдиктерге дагы талапкер боло алат.

Келишим менен кызмат өтөгөн аскер адамдарына төмөнкү жеңилдиктер менен кепилдиктер каралган[4]:

- Коргоо министрлигинин эсебинен топтоо-ипотекалык түзүмү аркылуу турак-жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү (3 жыл кызмат өтөөдөн кийин);
- кызматтык турак-жай же батир жалдоо үчүн компенсация;
- аскер-медициналык жайларда акысыз көрүнүү, дарылануу жана реабилитация;
- федералдык бюджеттин эсебинен өмүрүн жана ден соолугун камсыздандыруу;
- 20 жыл кызмат өтөөдөн кийин пенсия алуу укугу;
- 6 ай сайын 1 жолкудан кем эмес эки жумалык акы төлөнүүчү өргүү.

«Атайын аскердик операциянын» катышуучуларына кошумча социалдык жеңилдиктер менен кепилдиктер каралган:

- согуш аракеттеринин ветераны макамы жана тиешелүү жеңилдиктер;
- кредиттик жана салыктык каникулдар;
- жумушчу орундарды брондоо;
- балдардын жогорку окуу жайларда окуусу үчүн бюджеттик орундар;
- бир жолку берилүүчү кошумча төлөмдөр, РФ субъектилеринин жеңилдиктери менен кепилдиктери.

2022-жылдын 21-сентябрынан кийин аскер кызматын өтөө жөнүндө келишим бир жылдан кем эмес мөөнөткө түзүлгөн болсо, анда 195 миң рубль өлчөмүндөгү бир жолку төлөм берилет.

«Атайын аскердик операция» чөлкөмүндөгү келишимдин негизиндеги аскер кызматчылары акча төлөмдөрүн өздөрүнүн аскер наамы жана ээлеген кызмат ордуна жараша алышат. Мисалы, атайын аскердик операция чөлкөмүндөгү катардагы жоокердин төмөнкү акча төлөмү айына 204 миң рубль, бөлүктүн командириники – 232 миң рубль, взвод командиринин орун басарыныкы – 242 миң рубль.

2023-жылдын 15-майында Россия Президенти Владимир Путин Россиянын Коргоо министрлиги менен келишим түзүп, Украинанын аймагында согушуп жүргөн чет элдик жарандарды Россия жарандыгына жөнөкөйлөтүп кабыл алуунун тартиби жөнүндөгү Жарлыкка кол койгон.

Бул документтен көрүнүп тургандай, Украинадагы согуш аракеттеринин учурунда бир жыл мөөнөткө аскердик кызмат өтөө үчүн келишим түзгөндөр жеңилдетилген тартипте жарандык ала алышат. Ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн дагы жарандык алуунун жеңилдетилген тартиби киргизилген.

Бул жарлык менен Путин өзүнүн 2022-жылдын 30-сентябрындагы «Келишимдин негизинде аскердик кызматта турган чет элдик жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды жарандыкка кабыл алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби жөнүндө» экинчи жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизген. Бул документте аскердик кызмат өтөө келишимине бир жылдан кем эмес мөөнөткө кол койгон чет элдик жаран согуш аракеттерине жарым жылдан кем эмес катышкан болсо, анда ага Россиянын паспорту жеңилдетилген шартта бериле турганы көрсөтүлгөн. Жарлыктын жаңы редакциясында согуш аракеттерине түздөн-түз катышуу жөнүндө айтылбайт, бир жылдык мөөнөткө келишим түзүү зарылдыгы эле калган.

Ошону менен катар «Сахарово» көп функционалдуу миграция борборунда РФ Коргоо министрлигинин аскерге чакыруу пункту иштей баштады. Москва шаарынын мэри Сергей Собянин белгилегендей Көп функционалдуу миграциялык борбор чет элдик жарандарды аскердик кызматка тартууда РФ Коргоо министрлигине көмөк көрсөтүүчү толук кандуу инфраструктура болуп эсептелет. Бул борбордо орус, тажик, өзбек жана кыргыз тилдеринде үгүт материалдары жайгаштырылган, РФ куралдуу күчтөрүндө келишимдин негизинде аскердик кызмат өтөө боюнча толук маалымат бере ала турган адистердин тобу ишке тартылган. Массалык маалымат каражаттарынын билдирүүлөрүнө караганда миграциялык борбордун кызматкерлерин «мигранттарга Россиянын армиясында кызмат өтөөнү сунуш кылууга мажбурлоо болуп жатат».

*«Сахарово» Көп функционалдуу миграция борбору (же жөн эле - миграция борбору) – бул чет элдик жарандар Россия Федерациясында легалдуу жашап жана иштөө үчүн зарыл болгон документтерди толтуруу үчүн кайрыла турган жай.*

Мындан тышкары, чет элдик жарандар үчүн армияда кызмат кылууга мүмкүнчүлүктөр жөнүндө жарыялар ар башка тилде Москва шаарынын коомдук тарасспорттторунда берилип турду.

Келишим боюнча айына төлөнүүчү сумма 192 миң рублди түзөт.

РФ Куралдуу күчтөрүндө расмий түрдө кызмат өтөө сунушунан башка дагы социалдык түйүндөрдө жеке аскердик компаниялардын иш-аракеттери жигердүү жарнамаланып жатты. Мигранттардын топторунун арасында «Вагнер», «Новороссия» жана «Патриот» жеке аскердик

4 РФ Коргоо министрлиги, Келишим менен кызмат өтөө, https://xn--80aabtwbbuhbiqdxddn.xn--p1ai/

компанияларында кызмат өтөө чакырыгы таркатылды. Жеке аскердик компанияларда кызмат өтөөдө адатта жакшыраак акы төлөнөт (мисалы, «Вагнер» ЖАКда айына 240 миң рубль акы төлөнө тургандыгы айтылган).

Жарым-жартылай мобилизациянын жарыяланышы менен РФ жарандыгы бар, ошондуктан аскердик кызматка чакырылуусу мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын жарандары эң эле татаал абалга туш болушту. 1992-жылдан азыркы мезгилге чейин РФ жарандыгына кабыл алынган КР жарандарынын саны 613 245 адам[5]. Эксперттик баамдоо боюнча булардын ичинен 300 миңге жакыны КР жарандыгынан чыккан эмес. Орточо статистикалык көрсөткүчкө таянуу менен эки өлкөнүн жарандыгы барлардын ичинен 100 миңге жакыны жарым-жартылай мобилизацияга туш болуусу мүмкүн деп айтууга болот.

Мыйзамга ылайык[6], Кыргыз Республикасынын жараны башка чет өлкөнүн жарандыгын алса болот, бул учурда ал Кыргыз Республикасынын жараны болуп кала бериши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары чектеш жатпаган мамлекеттердин жарандыгын алууга тыюу салбайт. «КР жарандыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык башка мамлекеттин жарандыгын алган КР жараны Кыргыз Республикасында КР жараны катары гана кабыл алынат. Башка өлкөнүн жарандыгын алуу КР жараны үчүн Кыргыз Республикасынын жарандыгынын токтотулушуна алып келбейт. А түгүл аталган Мыйзамдын 7-беренесинде чет жакта жүргөн КР жарандарына дипломатиялык өкүлчүлүктөр жана консулдук мекемелер аркылуу алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо ишке ашырылат деп айтылат.

Каралып жаткан кырдаалда РФ жарандыгын алган, ошондой эле мобилизацияга туш болгон КР жарандары РФ мыйзамдарына ылайык аскердик кызмат өтөөгө милдеттүү. Мобилизациядан качуу РФ мыйзамына ылайык (РФ Кылмыш-жаза кодексинин 328-беренеси - аскердик кызмат өтөөдөн качуу) кылмыш жоопкерчилигине тартылууга жана 10 жыл мөөнөткө эркинен ажыратылууга алып келет.

Ошол эле учурда РФ аймагында жашап жаткан КР жарандары башка чет мамлекеттердин аймактарындагы куралдуу кагылыштарга катыша алышпайт. КР Кылмыш-жаза кодексинин 256-жана 416-беренелерине ылайык башка чет өлкөлөрдүн аймактарындагы согуш аракеттерине катышкандыгы үчүн КР жаранына үй-мүлкүн конфискациялоо менен 10 жылга чейинки эркинен ажыратылуу каралган.

Натыйжада, эгерде жаран РФ аймагында жарым-жартылай мобилизацияга туш болсо, анда ал Кыргызстанда жоопко тартылуусу мүмкүн, ал эми аскердик кызматтан баш тартып өз мекенине кайтып келсе, анда ал РФ аймагында жоопко тартылуусу мүмкүн, ушундай кырдаал түзүлүп калды.

Бирок, бул кырдаалдын РФ жарандыгы бар гана КР жарандарына тиешеси бар. Ал эми РФ жарандыгы жок КР жарандарын болсо жалданып аскердик кызмат өтөө боюнча кылмыш жоопкерчилиги күтүп турат. Мындай жарандар, өз ыктыяры менен келишимдин негизинде РФ куралдүү күчтөрүнүн катарында кызмат өтөгөнүнө карабастан, иш жүзүндө кырдаалдын барымтасында болуп калышат. Эгерде алар өз өлкөсүнүн мамлекеттик органдарына же дипломатиялык мекемелерге кайрыла турган болсо автоматтык түрдө кылмышкер болуп калышат.

*Мисалы үчүн, 2023-жылдын 16-майында Бишкек шаарындагы Биринчи Май райондук соту башка мамлекеттердеги куралдуу кагылышта акы алып же жалданып катышуу иши боюнча 31 жаштагы кыргызстандык жаранды 10 жыл колонияга кести (КР Кылмыш-жаза кодекси, 416-берене, 2-бөлүк)*[7].

*Тергөөнүн маалыматы боюнча, Нарын облусунун Ат-Башы районунда туулуп-өскөн жаран Москва шаарында жүрүп 2022-жылдын июнь айында Украинадагы согушка катышуу максатында «ЛЭР» деп аталган түзүлүштүн куралдуу топторунун катарына кирүүнү чечет. Июль айында ал Брянка шаарына келет да 180 миң рубль айлык акы менен аскердик кызматка алынат. Кызматка киришкенден кийин ал, маалыматта айтылгандай, аскердик даярдык курсун өтөт, чалгындоо операцияларына катышат, фронтто миномёттордү ок-дары менен камсыз кылууну аткарат. Ноябрь айында аскердик кызматтан бошотулуп, адегенде Москва шаарына, андан кийин Бишкекке келет. Айыпталуучу өз күнөөсүн моюнга алган эмес. Анын айтуусу боюнча ал аскердик кызматка Россиянын паспортун алуу максатында гана барган.*

Жарандык активисттер күнү бүгүн кош жарандуулугу бар, мобилизация тизмесине түшүп калуусу ыктымал эмгек мигранттарын Россиядан чыгып кетүүгө үндөп жатышат. Азыр болсо, Президент Владимир Путин 2023-жылдын 14-апрелинде электрондук повесткаларды кагазга жазылган повесткаларга теңөө жана аскерге чакыруу жөнүндө кабар берилди деп эсептелгендерге өлкөдөн чыгууга тыюу салуу жөнүндөгү мыйзамга кол койгондон кийин, россиялык жарандыгы бар эмгек мигранттардын согуш талаасына барып калуусу көбүрөөк

5 КР Улуттук статистика комитетинин 2022-жыл үчүн маалыматына ылайык

6 «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» КР Мыйзамы, № 70, 2007-ж. 21-май, 22-берене, 3-пункту

7 www.act.sot.kg өкүм file:///C:/Users/User/Downloads/389581%20(1).pdf

ыктымал болуп калды.

Эгерде аскерге чакырылууга жаткан адам 20 күндүн ичинде аскер комиссариатына келбесе – мыйзам чегинде качуу боюнча жазага тартылат, анын автомашина айдоого укугу, кыймылсыз мүлктү каттоо укугу жокко чыгарылат, ошондой эле ал кредит дагы ала албайт. Повестка алгандарга Россиянын чегинен чыгып кетүүгө тыюу салынат.

Аскердик комиссариаттар повестканы бир нече жол менен жөнөтүүсү мүмкүн: жеке өзүнө гана тапшырбастан, ошондой эле «Мамлекеттик кызмат» аркылуу жана тапшырык кат аркылуу. Электрондук повестка ошол жарандын аккаунтуна жайгаштырылган маалдан тарта тапшырылды деп эсептелет, ал эми почта аркылуу болсо – документ жөнөтүлгөн учурдан тарта тапшырылган болот. Бардык повесткалар бир тизмеге киргизиле баштайт - адам документти алды делип тизмеге киргенден кийин жети күндөн кийин ал аскер комиссариатына келүүгө милдеттүү болот. Бул анын повестканы аныгында алдыбы же жокпу – андан көз каранды эмес.

*Федералдык мамлекеттик маалымат түзүмү «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү порталы» (Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү порталы, кыскача – Мамкызмат көрсөтүүлөр) – справка-маалымат берүүчү интернет портал.*
*Физикалык жана юридикалык жактардын Россия Федерациясындагы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, мамлекеттик бакылоо жана көзөмөлдөө функциялары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин кызмат көрсөтүүсү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө катышып жаткан мекемелердин кызматтары жөнүндө маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат, ошондой эле электрондук формада мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтөт.*

Андан тышкары, Россия Президенти Владимир Путин «Россия Федерациясынан чыгып кетүү жана Россия Федерациясына кирүүнүн тартиби жөнөндө» Мыйзамга кол койду[8].

Документ укуктук маалымат порталында расмий түрдө жарыя кылынган. Бул өзгөртүп-түзөтүүлөргө ылайык аскердик же альтернативалык кызматка чакырылгандар өздөрүнүн чет жакка чыга турган паспортторун ИИМдин миграция бөлүмүнө же Көп функционалдуу миграция борборуна (КФМБ) сактоо үчүн тапшыруусу керек. Паспортту чакырылгандан кийин беш күн ичинде тапшыруу зарыл. Аны кызмат өтөө аяктагандан кийин кайра беришет.

Эгерде өлкөдөн чыгууга болгон укугу чектелген россиялык жаран жүйөлүү себеби жок эле паспортун тапшырбаса, анда ал документ жараксыз деп табылат. Бул түзөтүүлөр РФ Мамлекеттик Думасына 2022-жылдын август айында киргизилген. Мыйзам долбоорунун биринчи окуусу эки айдан кийин өткөн. Бирок депутаттар мыйзам долбоорун экинчи жана үчүнчү окууда 2023-жылдын май айында гана кабыл алышты. Федерация Кеңеши аны 7-июнда жактырды. Чет өлкөлөргө чыгуучу паспортторду тапшыруу жөнүндө Мыйзам 180 күндөн кийин күчүнө кирет. Башкача айтканда, бул мыйзам аскердик мобилизацияга туш болгондор, анын ичинде Россия паспортун алган эмгек мигранттары үчүн согушка катышпай коюу мүмкүнчүлүгүн кескин чектеди.

8 «Россия Федерациясынан чыгып кетүү жана Россия Федерациясына кирүүнүн тартиби жөнүндөгү» Федералдык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Федералдык Мыйзам, 2023-ж., 13.06., №212-ФЗ http://publication.pravo.gov.ru/document/0001202306130016

# АСКЕР КЫЗМАТЫНА КАМАКТА ЖАТКАН КЫРГЫЗСТАНДЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫН ТАРТУУ

Украинага Россиянын толук масштабдуу кол салуусуна Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жарандарынын активдүү катышып жатканы – бул факт. Россияда жашап жаткан мигранттар - Россиянын паспорту бары дагы, жогу дагы – аларды Украинадагы согушка тартууга аракет болуп жатканы жөнүндө массалык маалымат каражаттарына көп эле жолу билдиришкен. Россиядагы жарым-жартылай мобилизация жарыя болору менен мигранттардын онлайн чаттарында, форумдарында, группаларында Россиянын Куралдуу күчтөрүнө келишимдик кызматка өтүүдөгү кызыктыруучу сунуштар жазылган жарнамалык жөнөтүүлөр пайда болгон.

Чет элдиктерди фронтко жалдоо жөнүндөгү маалымат казакстандыктар, тажикстандыктар, кыргызстандыктар жана башка чет элдик жарандар камалган россиялык колониялардан дагы келип жатты. Мында чет элдик жарандарды жалдоо Россиянын туруктуу армиясына эле эмес, ошондой эле жеке аскер компанияларына жана башка көптөгөн аскердик топторго дагы жүрүп жатат.

Россияда жалданмаларды катарга тартып жаткан эң белгилүү ЖАК болуп Вагнер тобу («Вагнер» ЖАК) эсептелет. Вагнер тобу алгачкы жолу 2014-жылы Украинанын чыгыш жагында Россияга жан тарткан сеператисттерди колдоп жүргөнүндө байкалган[9]. Ал учурда бул жашыруун уюм болчу, негизинен Африкада жана Жакынкы Чыгышта аракеттенип жүрчү. Анын катарында 5 миңге жакын жоокер бар, алар негизинен Россиянын атайын күчтөрүнүн тандамал полкторунун ардагерлери деп эсептелет.

Ал учурдан бери бул топ кадыр эсе өстү. Улуу Британиянын тышкы чалгын кызматынын маалыматы боюнча Вагнер тобунда 50 миңден ашуун жоокер бар. «Вагнер» ЖАК Украинадагы согуш аракеттери башталгандан тарта эле жаңы толуктоолорду издей баштаган, себеби Россиянын регулярдуу армиясы көптөгөн адамдык чыгымдарга учурап жаткан. Алгачкы айларда жарыялар социалдык түйүндөрдө жана жабык чаттарда жарыяланып турган.


Азыр болсо «Вагнер» ЖАК толугу менен ачыкка чыгып жаңы адамдарды Россиянын бүтүндөй аймагы боюнча тартып жатат. Вагнерчилер жалданма аскерлерди кабыл алуу борборлорунун байланыш-даректерин жарыя кылышып, жарандык адамдарды аскердик даярдыктан өткөрүп, инфраструктура түзүү менен алек болушууда. Жалданма аскердин катарына өтүүгө чакырыктар Россиянын шаарларындагы билборддордо жайгаштырылып жатат. Россиянын 42 шаарында Вагнер тобунун аскерге тартуу борборлору активдүү иштеп жаткандыгы ачык эле айтылууда. Жалданма аскерлердин өздүк курамына кабыл алуу борборлорунун байланыш маалыматын ЖАК өзүнүн Россиядагы социалдык түйүндөрүндөгү баракчаларында жайгаштырууда.

## КАМАКТАГЫЛАРДЫ ЖАЛДОО

АКШнын Улуттук коопсуздук Кеңешинин маалыматы боюнча Украинадагы аскер кызматындагылардын 80 %ы Россиянын түрмөлөрүнөн тартылып келген. Россияда жалданма аскерге тыюу салынган болсо дагы Вагнер тобу 2022-жылы компания катары расмий каттоодон өтүп, Санкт-Петербургда өзүнүн жаңы штаб-квартирасын ачты.

9 BBC маалыматы боюнча. https://www.bbc.com/news/world-60947877


**1-СҮРӨТ.** *РОССИЯДАГЫ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ОНЛАЙН ГРУППАЛАРЫНДАГЫ ЖАРНАМАЛЫК ЖӨНӨТҮҮЛӨР*




**2-СҮРӨТ.** *РОССИЯДАГЫ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ОНЛАЙН ГРУППАЛАРЫНДАГЫ ЖАРНАМАЛЫК ЖӨНӨТҮҮЛӨР*



**3-СҮРӨТ.** *«САХАРОВО» БОРБОРУНА БАРГАН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНА БЕРИЛИП ЖАТКАН РОССИЯ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНӨ ЧАКЫРЫК*




«Вагнер» ЖАК Россиянын шаарларында, жарнамалык такталарда келишимдик негиздеги кызмат өтөөгө ачык эле жалдап жатат, ал эми Россиянын ММКлары болсо аны патриоттук уюм деп аташат. Вагнер тобунун бүтүндөй өлкө боюнча өкмөттүк мекемелерге түз кирип аскерге тартуу иштерин жүргүзүүгө укугу бар. Түзөтүү колонияларынын кызматкерлери тарабынан атайын чыгарылып жаткан видеороликтердин сериясынан Вагнер тобу оор жана өзгөчө оор кылмыш жасаган кылмышкерлерди максаттуу түрдө эле өз катарына тартып жаткандыгын көрүүгө болот.

Көпчүлүк учурда Борбордук Азия өлкөлөрүнөн чыккандар Украинадагы согушка катышкандыгы жөнүндө алар каза болгондон кийин белгилүү болуп калат.

КР Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2023-жылдын февраль айына чет өлкөлөрдө 1282 кыргыз жараны кылмыш-жаза өтөп жатышат, алардын ичинен 1077 кыргызстандык Россиянын эркиндиктен ажыратуучу жайларында отурушат. Россиянын түзөтүү жайларында кылмыш-жаза өтөп жаткан Борбордуук Азиядан чыккан жарандардын көбү «Вагнер» ЖАК аркылуу аскерге тартылууда.

BBCнин териштирүүлөрүнө ылайык Россия-Украина согушунда Борбордук Азия өлкөлөрүнөн бери дегенде 93 адам каза болгон, анын ичинен 19 – Кыргызстандан, 34 – Өзбекстандан жана 40- Тажикстандан[10].

2023-жылдын май айына карата Россиянын түрмөсүндө отурган 8 кыргызстандык жаран «Вагнер» ЖАКнын катарында жүрүп согушта каза болушканы ММКларга белгилүү.

— 27-январда кыргызстандык Аян Алишеровдун каза болгондугу ММКда маалым болду. Ал 2022-жылдын 4-ноябрында Донецк облусунун (Россия басып алган Украинанын облусу) Артемовск (Бахмут) шаарында өлгөн. Отуз жаштагы Алишеров Россиянын курамындагы Мордова республикасынын колониясында жаза тартып камакта отурган.

— 1-февралда ММКда дагы бир камакта отурган кыргызстандык Янгибай Рахимовдун каза болгону белгилүү болду, ал Өзгөн районунун тургуну, Россиянын колониясында камакта отурган. Маалыматта Россиянын армиясы менен айыгышкан согуш жүрүп жаткан Украинанын Бахмут шаарында 2022-жылдын 9-декабрында кыргызстандык Янгибай Рахимов каза болду деп айтылган. Анын сөөгү 2023-жылдын 23-январында өзүнүн кичи мекенинде жерге берилди.

— 15-февралда дагы бир кыргызстандык, Лейлек районунун тургуну Замир Чолоевдин каза болгондугу жөнүндө белгилүү болду. Туугандарынын айтуусу боюнча согушка «Вагнер» ЖАК аркылуу барган.

— Май айында кыргызстандык Актилек Кадыровдун айыгышкан согуш жүрүп жаткан Украинанын Бахмут шаарында каза болгондугу билинди. Ал дагы Россиянын колониясында жаза тартып отурган.

— 11-майда кыргызстандык Чынгыз Изабековдун каза болгону белгилүү болду. Ал дагы согушка жеке аскердик компания болгон «Вагнер» ЖАК аркылуу 2022-жылдын октябрь-ноябрь айларында барган.

— Ош облусунун Кара-Суу районунда туулуп-өскөн 28 жаштагы Акжол (ысымы өзгөртүлдү – редакциянын эскертүүсү) каза болгон. Жакындары окуяны 13-майда угушкан. Алар анын аты-жөнүн ачык айтпоону өтүнүшкөн. Каза болгондугу жөнүндө кабарда бул жигит дагы бир нече айдан бери катуу согуш болуп жаткан Украинанын Бахмут шаарында каза болгондугу жазылган.

— Ош облусунун Ноокат районунун тургуну Бекзат Рысбаевдин сөөгү өткөн жылдын аягында Украинадан алынып келинип кичи мекенинде жерге берилген, бирок бул жөнүндө азыр гана белгилүү болду. Көрсө 40 жаштагы кыргызстандык дагы Россиянын пенитенциардык мекемелеринде камактагылардын арасынан биринчилерден

10 BBC иликтөөлөрүнөн : https://www.bbc.com/russian/articles/ce417zgy2g5o?ocid=wsrussian.social.in-app-messaging.telegram..russiantelegram_.edit

болуп «Вагнер» ЖАКга 2022-жылдын октябрь-ноябрь айларында кошулган экен.

Согушта аман калып, «Вагнер» ЖАК ачык маалымат булактарында сунуш кылып жаткан Россия жарандыгын жана башка жеңилдиктерди алган кыргызстандыктар жөнүндө маалымат жок. Ал эми жогоруда айтылган - камакта жатып анан согушта каза болгондордун туугандары бүгүнкү күнгө чейин убада кылынган компенсациялар менен жеңилдиктерди алышкан жок деп так кесе эле айтууга болот.

Бул айтылгандар ММКга белгилүү болгон гана фактылар. Чындыгында Украинада каза болгон жаза тартып камакта отурган кыргызстандыктардын саны мындан көп болуусу мүмкүн. Биздин иликтөө тобубуз дагы бир учурду аныктай алды. Баткен облусунун Лейлек районунун тургуну Исломжон Беготаев Оренбург облусундагы ИК-4 колониясында жаза тартып жатып Вагнер тобунун катарында Украинадагы согушка кеткен, ал дагы Бахмут шаарында каза болгон.

## ДАЙЫНСЫЗ ЖОГОЛГОН

*Исломжон Беготаев, 1988-жылы Баткен облусунун Раззаков шаарында туулган, Исфана орто мектебин аяктагандан кийин жергиликтүү кесиптик лицейде айдоочу кесибин алып, анан 2006-жылы эмгек миграциясына чыгып кеткен. Энесинин айтуусу боюнча бул аргасыздан болгон, анткени өз жеринде жумуш табуу мүмкүнчүлүгү жок эле. Эмгек миграциясында жүрүү ага жеңил болгон эмес, официант, курьер жана курулушта жумушчу болуп иштеген. Легалдуу жүрүүдөгү кыйынчылыктардан улам 2011-жылы Россиянын жарандыгын алган. Исломжондун энеси Рузихон Беготаеванын айтуусу боюнча кезектеги курьердик жеткирүү учурунда ага баңгизат салып коюшкан, ошондон улам аны 16 жылга түрмөгө кесишкен.*

*Түрмөдөгү камакта ал Оренбургдагы ИК-4 мекемесинде болгон. Туугандарынын боолголоосу боюнча Исломжон 2023-жылдын январь айынын баш жагында жалданма аскерге тартылган, Молькинодо кыска мөөнөттүк аскердик даярдыктан өткөн, ал жерде «Вагнер» ЖАКынын аскердик базасы бар, анан Бахмуттагы согуш жүрүп жаткан жерге жөнөтүлгөн.*

> *Акыркы жолу балам менен 2022-жылдын 30-декабрында сүйлөшкөм. Ал адаттагыдай эле бизди жаңы жыл менен куттуктап, аялы, балдары менен сүйлөшкөн. Бардыгы жакшы деп айткан, өзү жөнүндө кабатыр болбогула деп өтүнгөн. Согушка барууга камынып жатканы жөнүндө эч нерсе айткан эмес. Андан кийин 3 ай бою телефон чалган эмес. Адатта ал мезгил мезгили менен өзү чалып турчу. Эч кандай кабар дагы, телефон чалуу дагы жок болуп калды. Кантсе дагы колонияда да, балким кандайдыр бир текшерүүлөр болгондур деп ойлодук. Бирок мен жаман нерсе сезип жаттым. Ал жөнүндө толкунданып жаттым. Улуу балама колониянын жетекчилиги менен байланышып баламды сурачы, аман-эсен бекен дедим. Апрель айында, биз колониянын администрациясына телефон чалганда, ал Украинага согушка кеткен деп айтышты. Бизге бир кишинин телефон номурун беришти, ошол баарын билет деп. Биз дароо эле ага телефон чалдык... Ал жактан Исломжон 2023-жылдын 18-январында Украинада каза болду деп кабарлашты”.*

*Исломжон Беготаев Краснодар шаарына жакын жердеги Бакинская станциясындагы атайын көрүстөндө жерге берилген, ал жерде вагнерчилер көмүлгөн. Мүрзө Краснодар крайындагы Молькино хуторундагы «Вагнер» ЖАКынын аскердик базасынан 40 км аралыкта жайгашкан.*

*35 жаштагы уулунун өлүмү жөнүндөгү кабар үй-бүлөгө катуу тийди. Артында аялы менен 4 баласы калды.*

> *Уулум согушка өз эрки менен барганына ишенбейм. Балам армияда кызмат өтөгөн эмес. Өмүрүндө колуна курал кармап көргөн эмес. Ал сөзсүз түрдө бизге бирдеме деп айтат эле, эгерде Украинага барууга камынып жатса. Аны мажбурлашкан, мен буга ишенем. Эң башкысы – биз 3 ай бою анын көз жумганын билген жокпуз. Үч ай бою! Кантип эле тирүү киши колонияда жүрүп жөн эле жоголуп кетип өлүп калсын?!»*

*Рузихон Беготаеванын улуу баласы бир тууганы коюлган кабырга барып, куран окуу үчүн Россияга кеткен. Исломжон Беготаевге «Вагнер» ЖАКы тарабынан каза болгондон кийин «Эрдиги үчүн» ордени берилген, бирок бул эч кандай жеңилдиктерди бербейт, анткени мыйзамга ылайык түрмөгө*

*түшкөндөр согуштун ардагери боло алышпайт.*

*Бүгүнкү күнгө чейин Исломжон Беготаевдин үй-бүлөсү анын каза болгонуна байланыштуу эч кандай компенсацияларды же төлөмдөрдү ала элек.*

> *Мага эч кандай компенсациянын кереги жок. Менин тилегим эле баламдын өмүрү болчу. Майып болуп калса дагы түрүү болсо дегем. Байкуш балам ошончо жыл бөтөн өлкөдө кулдай иштеп жүрүп эч нерсе деле тапкан жок. Жада калса жер дагы сатып ала албады. Анан аны пайдаланып турушуп өлтүрүп салышты. Улуу балам анын 4 баласынын камын көрөм деп убада кылды, өзүнүн дагы 4 баласы бар. Кийин түрмөнүн кызматчылары бизге анын өздүк буюмдарын берип жиберишти – жалаң эле балдарынын сүрөттөрү. Өзү болсо тиги жакта муздак жерде жатат, жалгыз. Жанында биз жокпуз, мүрзөсүнө келип куран окуп тургандай. Баламдын сөөгүн дагы кайра кайтарып беришкен жок" – деп Рузихон Беготаева ыйлап отурат.*

Бул тенденция Россиядагы түрмөдө отурган кыргызстандык жарандардын туугандарын чочуркатып жатат, алар көп эле жолу камактагыларды Кыргызстанга экстрадиция кылуу маселесин көтөрүп келе жатышат. Бирок алардын арыздары Россиянын ИИМинде жообу жок жылдап жатат.

Биздин оюбузча, камактагыларды мобилизациялоо адам укуктарын орчундуу бузуу менен жүргүзүлүп жатат. Аскерге тартылган мигранттардын туугандары мажбурлоо аркылуу ЖАК менен келишимге кол коюлган фактыларды белгилешүүдө. Түрмөдөгү камакта жаткан мигранттарды ЖАКга мобилизациялоо кандайча жүргүзүлүп жатат, алар бөтөн өлкөлөрдөгү согуштук аракеттерге катышкандыгы үчүн жаза алыша турганын билишеби, фронттогу иштин реалдуу абалы боюнча маалыматтары жок болгондон кийин алар Украинадагы согушка катышуудагы тобокелчиликтерди толук кандуу баамдай алышабы – деген суроолор ачык бойдон калууда.

### Негизинен Кыргыз Республикасынан чыккан эмгек мигранттары эмгектенген Россиянын бюджеттик мекемелери аркылуу чет элдиктерди согушка тартуу

РФ Коргоо министрлиги Украинага жөнөтүү үчүн келишим менен аскерге тартылуучуларды «Жилищник» мамлекеттик бюджеттик мекемеси аркылуу издеп жатат. Алар эмгек акысы 240 миң рублга чейин болгон «күзөтчүлүккө» бош орундар жөнүндө маалыматты жайгаштырышат. «Мигранттардын кесиптик союзунун» активисти Махпирет Москвадагы турак жайларды тейлөөчү «Жилищник» мамлекеттик бюджеттик мекемеси жайгаштырган «күзөтчүлүк» бош орундар жөнүндөгү жарыяга көңүл бурган. Атап айтканда, мындай жарыяны Кузьминок жана Рязань райондорунун «Жилищник» мекемеси жайгаштырган.

«Күзөтчүлөргө» 170-240 миң рубль эмгек акы, согуштун ветераны макамын, жеңилдиктер, балдар үчүн төлөмдөр жана «негизги иштеген жериндеги жумуш орунду эки жылга сактоо» жөнүндөгү убадалар берилүүдө. Мында иш тажрыйбасы талап кылынбайт, бирок «эки айга чейинки мөөнөт» даярдоодон өтүү зарылдыгы көрсөтүлгөн.

Кузминька районунун «Жилищник» мекемеси бош орун «РФ Коргоо министрлиги» менен байланыштуу деп көрсөткөн.

**5-СҮРӨТ.** *МОСКВА МЕТРОСУНДАГЫ РОССИЯ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНДӨ КЕЛИШИМДИН НЕГИЗИНДЕ КЫЗМАТ ӨТӨӨ ЖӨНҮНДӨГҮ ҮГҮТ ПЛАКАТЫ*



**6-СҮРӨТ.** *РОССИЯ КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНӨ КЕЛИШИМДИН НЕГИЗИНДЕ КЫЗМАТ ӨТӨӨГӨ ҮГҮТТӨӨНҮН МОБИЛДҮҮ ПУНКТУ*




Жарыяда көрсөтүлгөн телефон боюнча иликтөө тобунун телефон чалуусуна жооп берген киши «сөз аскердик кызматка келишим түзүү жөнүндө, бул жумуш атайын аскердик операция аймагында» деп түшүндүрмө берилген.

Ал киши: «Келишим коргоо министрлиги менен түзүлөт, Москва шаарынын атынан кошумча төлөмдөрдү жасоо максатында гана »Жилищник« мамлекеттик бюджеттик мекемесине силер жумушка орноштуруласыңар. Силер бул мекеменин атынан барасыңар», - деп айткан.

Эмне үчүн бош орун «күзөтчү» деп көрсөтүлүп жатат деген суроого, жооп берген киши:«Анткени мындай бош орундарды коргоо министрлигине тиешеси жок мекемелер жайгаштыра албайт»,- деп жооп берген.

Эмгек мигранттары менен Россиянын паспорту бар КР жарандарын бюджеттик мекемелерде, мектептерде, а түгүл бала бакчаларда дагы согушка жалдоого аракет кылынууда.

Россиянын бардык аймактарында масштабдуу жарнамалык өнөктүк жайылтылган. «Телеграмм» жана «В контакте» каналдарында эле фронтко барууга чакырган 75 миңден ашык жарнамалар табылган.

Meduza басмасынын эсебине ылайык бардык жарыялардын дээрлик 90 %ы - Коргоо министрлиги менен келишим түзүү жарыялары, дагы эки жарым миң жарнама - ыктыярчыларды издөө жана «Вагнер» ЖАКга кабыл алуу жөнүндө посттор. Эң эле кеңири тараган ураандар болуп: «Келишим менен кызмат өтөө – бул чыныгы эркектердин тандоосу!», «Аскердик кызмат – жашоодогу туруктуулук жана өзүнө ишенимдүүлүк!» жана «Сен өз өлкөңө керексиң!» – дегендер экени көңүлдү бурдуруп турат.

Биздин респонденттер менен эмгек мигранттарынын арасындагы активисттер россиялыктарды жалдоо үчүн бийлик бардык административдик ресурсту колдонуп жаткандыгын белгилешти. Атап айтканда, аймактык бийликтердин аккаунттарында аскерде келишимдин негизинде кызмат өтөө жөнүндө 19 миңден ашуун жарыя коюлган, дагы төрт миң жарыя – бюджеттик мекемелер менен окуу жайлардын пабликтеринде, алардын ичинде мектептер менен бала бакчалар дагы бар. Бул жерлерде ыктыярчыларды балдар үчүн жогорку окуу жайларына бюджеттик орун жана балдар лагерлерине путевкалар сыяктуу ар кандай артыкчылыктарды берүү менен азгырышууда.

Ушундай эле жарнама турак жайлардын кире беришинде, автобус аялдамаларында жана билборддордо пайда болууда. Мектептерде жогорку класстардын окуучулары үчүн тематикалык иш-чаралар өткөрүлүп – аларды мектепти аяктары менен дароо эле келишим түзүүгө үндөп жатышат. Андан тышкары, Калининград облусунун өкмөтү апрелдин баш жагында тургундарга келишимдин негизинде кызмат өтөө жөнүндө телефон аркылуу «маалымат» берүүнү пландап жатышканын билдиришти.

Москва, Санкт-Петербург, Екатеринбург сыяктуу чоң шаарларда мобилдүү үгүт пункттары пайда болду, калкты эмгек менен камсыз кылуу борборлору болсо Коргоо министрлиги менен келишим түзүүнү жумушсуздарга активдүү сунуштай башташты.

«Өзүмө ишенем, келечек жөнүндө ойлоном, Россияга кызмат кылам!» деген ураан астындагы ушуга окшогон иш-чаралар Ямал-Ненец округунун Яр-Сале айылында 2023-жылдын 27-мартында болуп өттү. Үгүт өнөктүгүнө Химки шаарынын бейтапканасы кошулуп, аскер кызматына өтүп жаткандар үчүн бир сутканын ичинде толук диагностикадан өткөрүүнү убада кылышып жатат.

# ФРОНТ СЫЗЫГЫНДАГЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА БАШКА ЖУМУШТАРГА ТАРТЫЛГАН ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ

2022-жылдын 21-февралында Россия Федерациясы Донецк жана Луганск элдик республикаларынын (ДЭР жана ЛЭР) көз карандысыздыгын тааныды, 24-февралда Украинадагы согушту баштады. Согуштун жүрүшүнүн баш жагында Россиянын армиясынын көзөмөлүнө Запорожье жана Херсон облустарынын бир топ аймагы өткөн, ал жерлерде аскердик-жарандык администрациялар түзүлгөн.

23-27-сентябрда ДЭР, ЛЭР, Запорожье жана Херсон облустарында Россиянын курамына анын субъектиси катары кирүү жөнүндө референдумдар болуп өттү. Ал эми 2022-жылдын 30-сентябрында болсо РФ президенти Владимир Путин менен  Донецк, Луганск Элдик Республикаларынын, Запорожье жана Херсон облустарынын башчылары бул аймактардын Россиянын курамына кириши жөнүндө келишимдерге кол коюшту.

Бул келишимдерге ылайык 2026-жылдын 1-январына чейин өткөөл мезгил аныкталып, бул мөөнөттө жаңы аймактар Россиянын экономикалык, каржылык, кредиттик жана укуктук түзүмдөрүнө, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын түзүмүнө бириктирилиши керек. 2022-2023-жылдары жаңы аймактарды бириктирүүгө багытталган бир катар федералдык мыйзамдар кабыл алынды.

Бириктирүүнүн маанилүү этаптарынын бири болуп басып алынган аймактардагы кыйраган инфраструктураны калыбына келтирүү саналат. Россия өкмөтү ДЭР, ЛЭР, Запорожье жана Херсон облустарында үч жыл ичинде 6200 объектини калыбына келтирүү планын даярдаган.

Мындай масштабдагы калыбына келтирүү иштерин турмушка ашырууда Борбордук Азиядан жумушчу күчү тартылып жатат.

Украинадагы согуш аракеттеринин башталышы менен Россиянын социалдык мейкиндигинде жана эмгек рыногунда  Украинанын басып алынган аймактарындагы калыбына келтирүү иштерине эмгек мигранттарын жалдоо жөнүндөгү жарыялар пайда болгон.

«Инсан-Лейлек» Коомдук фондунун маалыматы боюнча жумушсуздукка, Россияга каршы эл аралык санкциялардан кийинки эмгек акынын азайышына  туш болгон миңдеген эмгек мигранттары Украинанын басып алынган аймактарындагы калыбына келтирүү жумуштарына Россиянын курулуш компаниялары жана жумушка орноштуруучу жеке агентстволор аркылуу кетишкен.

Жөнгө салынбаган миграциялык макамдын айынан Россиядан Украинага акча иштеп табууга кетишкен эмгек мигранттарынын абалы татаалдашат, аларды кайра Россияга киргизбей коюшу дагы мүмкүн.

Москвадагы укук коргоо уюмдарынын жана ММКлардын маалыматтары боюнча[11], курулуш иштери аяктап кайра Россияга келе жаткан учурда кай бир мигранттар РФ чек арасынан өтө албай калышкан, анткени алар Россияга кирүүгө чектөө коюлгандардын  тизмесинде болгон, башкача айтканда «кара тизмеде» болушкан. Натыйжада бул адамдар Россияга кайта алышпайт, анткени чек арадан өткөрүшпөйт, ошондой эле өз мекенине да кайта алышпайт, анткени Украинанын басып алынган аймактары менен Кыргызстандын ортосунда түз байланыш жол жок.


Жумушчу күчүнүн тартыштыгы ушунча чоң болгондуктан жумуш кылууга адамдарды Россиядагы иштеп жүргөн мигранттардан эле эмес, Борбордук Азия өлкөлөрүнөн дагы түз эле жалдап алуу болууда.

Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын онлайн жарнама басылмаларында өткөн жылдын күз айларында Мариуполь шаарындагы курулуш иштерине жумушчуларды тандоо жөнүндөгү жарыя пайда болгон, анда жумуш шарттары бир топ эле кызыктуу көрсөтүлгөн: эмгек акы айына жүз миң рублдан ашуун, жашоо жана тамактануу бекер. Бул жумушчуларды Украинага ташуу Россиянын чек арасы аркылуу жүргүзүлөт.

Мунун дагы бир татаалдашкан жагы -  Украинанын аймагында болуп калган эмгек мигранттары Украинанын мыйзамдарына ылайык  согуш аракеттерине  катышкандыгы же катышпагандыгына карабастан кылмышкерлер

11 Азаттык Радиосунун териштирүүсү: https://rus.azattyk.org/a/32291350.html

**6-СҮРӨТ.** *УКРАИНАНЫН РОССИЯ БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫНДАГЫ КОРГОНУУ ЧЕКТЕРИНЕ ЖУМУШЧУЛАРДЫ ЖАЛДОО ЖӨНҮНДӨГҮ ОНЛАЙН ЖАРНАМАЛАРДАГЫ ЖАРЫЯ*



**7-СҮРӨТ.** *УКРАИНАНЫН РОССИЯ БАСЫП АЛГАН АЙМАКТАРЫНДАГЫ КОРГОНУУ ЧЕКТЕРИНЕ ЖУМУШЧУЛАРДЫ ЖАЛДОО ЖӨНҮНДӨГҮ «В КОНТАКТЕ» КАНАЛЫНДАГЫ ЖАРЫЯ*



Вахта/СтройКом/Работа вахтовым методом СтройКом
5 дек 2023

‼‼‼7 декабря с городов Ростова-на-Дону и Симферополь‼‼‼

ЛУГАНСК. Сооружение линий обороны укрепление конструкций (рыть окопы, блиндажи, укрепление конструкций, установка вагончиков, устанавливав ряды бетонных пирамид)

- Подсобный рабочий
ЗА СМЕНУ 3300-6000 руб. Смена 11 ч.

БЕСПЛАТНО:
✓Проживание в санатории
✓Проезд организованный из офиса Ростов-на-Догу
✓Спецодежда и обувь, СИЗ
✓Прохождение медосмотра
✓Питание 3х-разовое в столовой

❗ Условия:
- Вахта 60/30, 90/45. Оформление по ТК РФ.
- Выплата з/п на карту любого банка. Возможны другие варианты.
- Авансы по 3000 руб. 15 и 30 (31) числа.
- Суточные по 1400 руб. в неделю (плюсом к заработной плате).

Выплата заработной платы с 15 числа за предыдущий месяц работы.

❗ Оплата междувахтового отдыха.
от 7 до 14 дней - 13 000 руб.,
от 15 до 22 дней - 11 000 руб.,
от 23 до 30 дней - 8 000 руб.

Акция приведи друга - получи 3000 руб.

Официальное трудоустройство по ТК РФ (БЕСПЛАТНОЕ )

(отдел кадров), а так же в What's app, Viber, Telegram
Эл. почта
#Работа #Вахта #Работавахтовымметодом #Вакансии #УдаленнаяРабота

деп эсептелишет. Чет элдиктер Украинанын аймагына, ошондой эле убактылуу басылып алган аймактарга дагы Украина бийлигинин гана уруксаты менен, көзөмөл-өткөрүү пункттары аркылуу гана кире алышат. Башка жерлер аркылуу кирүү мыйзамсыз, андай жарандар баскынчылардын жардамчылары болуп саналышат.

Андан тышкары, Борбордук Азия жарандары Украинанын басып алыгнан аймактарындагы калыбына келтирүү жумуштары эле эмес, ошондой эле фронт сызыгындагы ар кандай иштерди аткарууга дагы, окоп жана блиндаж казуу, каза болгондорду жерге берүү иштерине тартылышат.

Мисалы, ушундай жарыялар HeadHunter, Avito, SuperJob сыяктуу жумуш издөө кызматын көрсөтүүчү россиялык ири сервистерде, мигранттардын телеграмм жана WhatsApp каналдарында орус, кыргыз, тажик жана өзбек тилдеринде пайда болгон. Окопторду казуу иши Украинанын басып алынган Луганск, Запорожье облустарында, ошондой эле Россиянын Белгород облусунда сунуш кылынган[12]. Эмгек акы 45 миңден 180 миң рублга чейин, же болбосо саатына 300 рублдан ($4) баштап. Ошондой эле: жол кире, медициналык кароо, жашоо, үч маал тамактануу, атайын кийим – бекер деп айтылат. Коюлган талаптар – ден соолугу жакшы болуу жана жашы 20 дан 50 гө чейин. Тилекке каршы, мындай жумуштарга макул болгон эмгек мигранттары өз өмүрлөрүн тобокелчиликке салышат. Украина тарабынан ок атуулардан көз жумуу коркунучунан тышкары аларды башка дагы жагымсыз нерселер күтүп турат: антисанитардык шарттар, жашоо үчүн жылуугу жок турак жай, эмгекти коргоонун ченемдеринин жоктугу, эмгек акыны төлөбөй коюу, ошондой эле мажбурлап иштетүүнүн курмандыгы болуп калуу тобокелчилиги.

*Биринчи жолку, «жарым-жартылай» деп аталган мобилизация башталганда «Мигранттар кесиптик союзунун» юристтеринин сунушу менен 2022-жылдын октябрь айында мен Казакстандын чек арасы аркылуу Россиядан чыгып кеткем. Аэропорттордо эбак эле «мобилизациялык тизмелер» бар болчу, «Домодедово» аэропорту аркылуу учуп кете алган жокмун. Башты тобокелге салып турун 4 досум менен, биз, Казакстан менен Россиянын чек ара аймактарындагы чек арачыларды сатып алуу менен Кыргызстанга кайтканбыз. Досторубуз болуп бир ай бою жумуш таба алган жокпуз. 2022-жылдын декабрь айында Бишкектеги жарандарды чет өлкөлөрдө жумушка орноштуруу борбору алкылуу мен Улуу Британияга барып калдым, кулпунай, алма, капуста жыйноого. Чынын айтканда мага ал жак жаккан жок. Дайыма жамгыр жаап турат, англис тилин билбейм, мигранттардын жамааты менен шаардан алыс вагондо жашайбыз. 2023-жылдын январь айында Россиядан бирге келген досторум менен чогуу Мариуполь шаарына курулуш иштерине барууну чечтик. Азыр бул жактабыз. Алыста, тигил жакта ок атуулар угулат. Бирок бизге жакшы төлөп жатышат. Биз кыргыздар бул жакта көппүз, дагы жаңылар күн сайын келип жатат. Күн санап жашап жатабыз. Өлүмдөн корком. Бирок Бахмуттун жанындагыга караганда бул жердеги курулушта жакшы. Менин досум жакында ал жакта каза болду. Туугандары жерге беришти”.*

НУРБЕК

12 https://kloop.kg/blog/2023/03/02/tyurma-i-smert-za-kopejki-migrantov-zovut-ryt-okopy-dlya-rossijskoj-armii/

# ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫН СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## РЕСПОНДЕНТТЕР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ


Бул иликтөөгө катышкан респонденттердин жалпы саны – 65 (15 – терең маектешүүгө катышты, 50 – Фокус-топтордогу дискуссияларга). Алардын ичинен 43 респондент иликтөөлөрдүн жүрүшүндө Россиянын аймагында болушту, 7 респондент – Россия басып алган аймактарда (ДЭР жана ЛЭР), 10 респондент Кыргызстанда болду.

## РЕСПОНДЕНТТЕРДИН СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

Бул иликтөөлөргө 46 % аялдар жана 54 % эркектер катышты. Респонденттердин орточо жашы – 33 жаш.

Сурамжылоодо жашы 18 ден 40 ка чейинки жаштар басымдуу болду (43 киши)[13].

**1-ДИАГРАММА.** *РЕСПОНДЕНТТЕРДИН ЖАШЫ ЖАНА ЖЫНЫСЫ.*





Респонденттердин орточо жашы 33 жаш болду. Мындан бул иликтөөлөр негизинен эмгек стажы 5 жыл болгон, аскер кызматына жана активдүү эмгек кылууга жарактуу жаш эмгек мигранттарынын пикирин чагылдырат деп айтууга болот.

Аларды көпчүлүгү (43%) үй-бүлөлүү, 33 пайызы Россияга өз үй-бүлөсү менен чыгышкан. Жыл өткөн сайын үй-бүлөсү менен бирге кетип жаткан мигранттардын саны өсүп бара жатат, анткени мигранттар өз келечегин – туруктуу жашоого, билим алууга жана андан ары өсүүгө - Россияда пландашат. Буга байланыштуу мигранттар көбүн эсе Россия Федерациясынын жарандыгын алышат, анткени Россиянын миграциялык саясаты аябай өзгөрүп кетти, жыл өткөн сайын катаалдашып бара жатат. Ал эми РФ жарандыгынын болуусу мигранттын ал жакта жүрүүсүн бир топ эле жеңилдетет, социалдык жана медициналык кызматтардан пайдалануунун жеткиликтүүлүгүн жакшыртат, бул үй-бүлөсү менен бирге жашап жаткандар үчүн өтө зарыл.

Украинадагы согуштун башталуусу, Россияга карата бир катар экономикалык санкциялардын салынуусу жана жарым-жартылай аскердик мобилизациянын жарыя кылынуусу менен Россиянын жарандыгын алгандардын саны кыскарат деп күтүлгөн. Бирок андай болгон жок. Россия Кыргызстандан чыккан эмгек мигранттары үчүн дагы эле эң эле жагымдуу өлкө болуп кала берүүдө.

13 Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун аныктамасы боюнча жаштар деп 18 ден 44 жашка чейинкилер айтылат.

**2-ДИАГРАММА.** *ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АБАЛЫ*



КР ТИМдин маалыматы боюнча 2022-жылы Россия Федерациясынын жарандыгын алган кыргызстандыктардын саны рекорддук көрсөткүчтөн өтүп кетип 23 миң кишиден ашты.

*Биз күйөөм экөөбүз Россияга үйлөнүү үлпөтүнөн кийин дароо эле келдик. Бул биздин аймак үчүн (Ош облусунун Кара-Суу району) салт катары эле. Бардыгы эле Россияга үйлөнгөндөн кийин кетишет. Биз деле ошенттик. Мекенибизде бизде башка мүмкүнчүлүк жок. Бардык жерде эле тааныш керек, пара бериш керек. Менин үй-бүлөмдө деле, күйөөмдүн үй-бүлөсүндө деле каражат жок болчу. Анын үстүнө күйөөмдүн дагы кичүү үч бир тууганы бар. Биз үйгө батпайт элек. Ал эми жарандыкты болсо биз 2018-жылы эле алганбыз. Эки балабыз бар. Аларды мектепке берүү, бейтапканага каттоого коюу керек эле. Анын үстүнө жасалма каттоолор үчүн акча корото берүүдөн дагы тажадык. Жарандыгыбыз бар болгондон бери көп эле жеңил болуп калды. Коркпой жашап каласың. Сага орустар деле жакшыраак мамиле кылып калышат".*

**АЗИЗА, ФОКУС-ТОПТОГУ ДИСКУССИЯНЫН КАТЫШУУЧУСУ, 28 ЖАШТА**

Эмне себептен кыргызстандыктар Россиянын жарандыгын алууну улантып жатышат деген суроого эки негизги себепти айтышты:

Биринчиси – мигранттар каттоого туруу боюнча убарачылыктан кутулууну каалашат. Бүгүнкү күнү Россияда легалдуу жашап жана иштөө үчүн кыргыз мигранттары орто эсеп менен 40 миң рубль сарпташат (500$ дан көбүрөөк). Эмне себептен? - деген суроого жооптордун ичинде Россиянын паспорту мигранттарды Россиянын укук коргоо органдары тарабынан жасалып жаткан кысым көрсөтүүлөрдөн куткарат деген жүйөө дагы бар.

Экинчиси – булар өздөрүнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртууну каалагандар. Бул топко негизинен «мекендештерди кайра-кайтаруу» программасы[14] аркылуу Россиянын жарандыгын алгандар кирет.

## УКРАИНАДАГЫ СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫНЫН РОССИЯДАГЫ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ЖАШООСУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

«Респонденттердин жоопторуна караганда Украинадагы согуш жалпы жонунан биздин мекендештердин жашоосуна терс таасир тийгизген. Биринчи кезекте андан кийин Россияга карата салынган экономикалык санкциялар мигранттардын абалын начарлатты. Анткени мигранттар жумушка орношкон тармактар жабыр тартты, мисалы, курулуш тармагы, тамак-аш жеткирип берүү, коомдук тамак-аш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү.

Респонденттердин 60 пайызы өздөрүндө эмгек келишими жок экендигин көрсөтүштү. Ал эми катышуучулардын 32 %ы болсо эмгек акы төлөө ар дайым кечиктирилет деп жооп беришти. Эмгек келишими барлардан айырмаланып эмгек келишими жок ар бир экинчи мигрант эмгек акыны төлөбөй коюу көйгөйүнө туш болот. Ал эми эмгек келишимдин негизинде иштеп жаткан мигранттар болсо эмгек акыны төлөбөй коюу көйгөйүнө бир топ эле аз туш болушат (1:7)[15].

Бирок, санкциялардын терс таасирине карабастан Россиядан Кыргызстанга карай акча-каражаттарын которуу азайган жок. КР Улуттук банкынын маалыматы боюнча 2022-жылы акча-каражатын которуунун көлөмү 2,7 млрд АКШ долларынан ашып кеткен, ал эми 2021-жылы 2,5 млрд АКШ доллары которулган. Бул мунайзатка болгон баанын өсүшү, эмгек мигранттарына болгон талаптардын көбөйүшү менен түшүндүрүлөт, ошондон улам Россиядан Борбордук Азия өлкөлөрүнө карай акчанын агымы көбөйгөн. Ошондой эле рублдин АКШ долларына карата бекемделүүсү Россиядан Борбордук Азия өлкөлөрүн карай чыгып жаткан акча которуулардын доллар боюнча эсебинин жогорулашына алып келген.

Дүйнөлүк Банктын божомолу боюнча 2023-жылы акча которуулардын өсүүсү 4,2 % га чейин төмөндөйт, бул Россиянын экономикасынын перспективасынын

14 Чет өлкөлөрдө жашап жатышкан мекендештерди Россия Федерациясына өз ыктыяры менен кайра-кайтарып келүү Программасы 2006-жылдын 22-июнунда РФ Президентинин жарлыгы менен кабыл алынган. Программа СССР таркагандан кийин Россиядан тышкары калып калышкан, ошону менен бирге Россияга көчүп келүүнү каалашкан адамдарга тиешелүү. Эгерде программанын катышуучусу көчүп келип жашоо үчүн артыкчылыктуу деген аймактан башка аймакка келсе, анда ага 20 миң рубль гана «жөлөк каражат», үй-бүлөсүнүн ар бир мүчөсүнө 10 миң рубль гана берилүүгө жатат, бул каражат келген же жашаган жерине каттоого тургандан кийин бир эле жолу берилет.

15 «Инсан-Лейлек» Коомдук фондунун иликтөөсү: Россия Федерациясына карата экономикалык санкциялардын кыргызстандык мигранттардын эмгекке болгон укуктарына тийгизген таасири, 25-бет

*Украинадагы согуш башталгандан кийин санкциялар салынды. Ал санкциялардын айынан мен иштеп жаткан дүкөн жабылып калды. Бизди акы төлөнбөй турган өргүүгө кетиришти. Жумуш жок, азык-түлүк кымбаттай баштады. Дал ошол учурда окуя андан ары кандай боло турганы түшүнүксүз эле. Жумуштан айрылгандан кийин мен ар кайсы жерлерде убактылуу жумуштарда көпкө чейин иштеп жүрдүм. Рубль аябай түшүп кетти. Иштеп тапкан акча эч нерсеге жетпейт. Бирок биз ошол учурдан эптеп өтүп кеттик".*

**МЭЭРИМ, 35 ЖАШТА**

мурдагыдан төмөндөшүнө байланыштуу[16].

Респонденттердин 37%ы гана Украинадагы согуш башталып, санкциялар салынгандан кийин кайра үйгө учуп кеттик деп жооп беришти. Бирок, тез эле, башка жумуш жок болгондугуна байланыштуу алардын үчтөн экиси кайра Россияга кайтып келишкен, ал эми үчтөн бири болсо акча иштеп табуунун башка мүмкүнчүлүктөрүн издеп Кыргызстанда калышкан.

2022-жылы, Украинадагы согуш башталгандан кийин, Кыргызстандагы бийлик мекендештер үчүн жаңы эмгек рыногун түзүү боюнча ишти күчөттү. Респонденттердин 8%ы өкмөт тарабынан алыскы чет өлкөлөрдө (Улуу Британия, Түштүк Корея, Турция, Германия, Бириккен Араб Эмираттары, Катар ж.б. ушул сыяктуу өлкөлөр) өкмөт тарабынан түзүлүп жаткан жумушка орношуунун башка мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалышкан.

*Интернетте кыргызстандыктар Англияга жумуш иштөөгө бара алышат деген жаңылык чыгары менен биз аялым экөөбүз дароо кызыгып калдык. Россияда биз 5 жылдан бери иштейбиз. Бирок өзүбүздүн үйүбүздү куруп бүтө элекпиз. Адегенде пандемия, андан кийин бул согуш. Акча менин 4 баламдын күнүмдүк чыгымдарына араң жетет. Ошондуктан бир ортомчу аялга акча төлөп, зарыл болгон бардык документтерди толтуруп, маектешүүдөн өтүп, анан 3 айдан кийин жумуш иштөөгө кеттик. Албетте, жумуш жеңил эмес. Чыдамкайлыгыңдан, сабырдуулугуңдан көз каранды. Бирок биз 6 айда Россияда жүрүп 2-3 жылда араң жыйнай тургандай каражатты иштеп таптык".*


**АЛТЫНБЕК, 42 ЖАШТА**

Респонденттердин 37 %ы «жарым-жартылай мобилизациянын» жарыя болуусуна байланыштуу Россиядан кетүүнү каалай тургандыгын айтышты. Бул суроо боюнча эң эле көп кыжалат болгондор – булар колдорунда Россиянын жарандыгы барлар. Сурамжыланган 65 респонденттин он биринин колунда Россиянын паспорту бар.

Россия Президенти Владимир Путин кол койгон жарлыкка ылайык 21-сентябрда өлкө боюнча жарым-жартылай мобилизацияга даярдыктар башталган. Резервде тургандар менен мурда аскерде кызмат өтөгөн жарандар чакырылууга жатат, жөнөтүү алдында алар кошумча даярдыктан өтүшөт.

16 Дүйнөлүк Банктын 2022-жыл үчүн «Миграция жана өнүгүү» аналитикалык топтомунун маалыматына ылайык https://www.knomad.org/publication/migration-and-development-brief-37

**3-ДИАГРАММА.** *УКРАИНАДАГЫ СОГУШТУН РОССИЯДАГЫ ЭМГЕК БАЙКОО ПЛАНДАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ*



*Айылда мектепти бүткөндөн кийин мен Москвага туугандарымдыкына келдим. Алар эбак эле Россиянын жараны болушкан. Мага дагы Россиянын жарандыгын алып беришти. Андан кийин армияга чакырылдым, ал жакта болдум. Чалгындоо бөлүгүндө кызмат өтөдүм. Мен армияда 2010-2012-жылдары кызмат өтөгөм, демек азыр мени биринчилерден болуп аскерге чакыруусу мүмкүн. Эгерде чакырса барууга туура келет, арга жок. Менин жашоом бүтүндөй эле бул жакта. Балдарым, аялым. Ипотекага үй сатып алгам. Эгерде барбай койсоң дезертир дешет. Көрөбүз эмне боло турганын. Анын үстүнө азыр мени өлкөдөн сыртка чыгарышпайт".*

**ЭМИРБЕК, 32 ЖАШТА**

Ошентип, мигранттардын Россиядан чыгып кетүүсүнө түрткү болгондун бири – бул аскердик мобилизация.

*Менин күйөөм Россиянын жараны. Мен балдар менен Кыргызстанда жашайм, ал болсо көп жылдан бери Москвада иштейт. Мобилизация жөнүндө уккандан кийин күйөөм мекенине кайтууну чечкен. Ал Россиядан Казакстан аркылуу чыккан, анткени эгерде киши мобилизация тизмесинде бар болсо, анда аны аэропорттордон эми чыгарбайт деп угуптур. Чек арада бир канча күн кезекте турушуптур. Ал жерде адамдар көп экен. Аны менен келе жаткан россиялыктар колуна повестка алышыптыр. Москвада менин башка туугандарым дагы бар. Эми алар үчүн сарсанаа болуп жатабыз. Жакын туугандары эмгек миграциясында жүргөндөргө азыр оор эле".*

**НУРГУЛЬ, 37 ЖАШТА**

Респонденттердин (76%) пикири боюнча Россия чет элдиктерди Украинадагы согушка тартуу боюнча үгүт өнөктүгүн максаттуу түрдө жүргүзүп жатат. Мигранттар РФ Куралдуу күчтөрүнө же ЖАКга кирүү жөнүндөгү чакырыктарга көбүнчө көчөдө жолугат, көчөлөрдөгү кооз билборддордо аскерде кызмат өтөө романтикалуу көрсөтүлөт (41%), экинчи орунда «Сахарово» Көп функционалдуу миграция борборундагы жарнамалар жана келишимдик негизде кызмат өтөө сунуштары турат (24%), үчүнчү орунда онлайн жарнамалар (20%), анан метро (13%), мигранттардын Whatsapp топторундагы үндөөлөрдү жөнөтүүлөр (12%) д.у.с.

**4-ДИАГРАММА.** *ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫН СОГУШКА ТАРТУУ СХЕМАЛАРЫ*




*Келишим боюнча аскер кызматына өтүүгө жарнамалар бардык жерде бар болчу. Алар эмгек мигранттарына эле арналган эмес. Ал жакта орустарды деле тартышат. Бирок, мигранттарга карата алар түз эле багытталган. Автобустарда жарнамалар кыргыз, тажик жана өзбек тилдеринде дагы айтылып турчу. Сунуштар биз үчүн абдан эле кызыктуу, жарандык, айына 200 миң рублдан жогорку эмгек акы, социалдык жеңилдиктер ж.б. Ал эми киши ошол каалоолоруна чейин жашайбы же жокпу, бул башка кеп...".*

**АЙДАНА, 29 ЖАШТА**

Эркек респонденттердин 86 %ы Украинадагы согуштун башталышы менен бүгүнкү күнгө чейин мыйзамсыз кармоолор, рейддер, суроктар менен текшерүүлөр көбөйүп кеткенин белгилешти. Рейддер Россиянын күч органдары тарабынан кара күч колдонуу менен катаал жүргүзүлөт. Так ошондой текшерүүлөрдүн учурунда ми-

гранттарга ыктыярдуу-мажбурлоо түрүндө РФ Куралдуу күчтөрү менен келишим түзүү сунуш кылынат.

*Биз кыргызстандык досторубуз жана башка балдар менен короодо футбол ойноп жатканбыз. Балким кошуналардын бирөөсүнө бул жакпай калганбы, ал милиция чакырыптыр. Кужурмөн кызматкерлер келишти, бизди сабай башташты, жерге жаткырып, таманга ургулашты. Кимдин Россия жарандыгы бар экендигин, эмне үчүн мобилизация болбогонун такташты, өз ыктыяры менен келишимге кол коюуга мажбурлоого аракет жасашты. Албетте, эч ким кол койгон жок, сабалуу коркунучу болсо дагы. Биз билебиз, ал жакта эч ким тирүү калбайт. Биздей мигранттарды алдыга жиберишет. Мындай айтканда биринчи кылып".*

**МУРАТ, 33 ЖАШТА**

Эмгек мигранттары россиялыктар үчүн ар дайым сезимтал тема болуп келген. Өлкөдө кризистик учурлар болуп калганда мигранттарга карата ксенофобия мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Украинадагы согуш мындай нерседен четте калган жок. Дээрлик бардык жерлерде саясатчылар мигранттардын армияда кызмат өтөөсү жана аларды согушууга мажбур кылуу жөнүндө сунуш кылып жатышты. Мисалы, Россиянын тергөө комитетинин төрагасы Александр Бастрыкин Петербургдагы эл аралык юридикалык форумда сүйлөп жатып мигранттар тарабынан киши өлтүрүүлөрдүн саны жыл ичинде өскөнүн, 18% га жеткенин айтты. Бастрыкиндин пикири боюнча мигранттар тарабынан жасалып жаткан кылмыштарга жол бербей коюуга болот, ал үчүн аларды алдын-ала эле согушка жөнөтүү керек. Ал эми согуштан баш тарткандарды өз өлкөсүнө депортациялоо керек дейт РФ тергөө комитетинин төрагасы. Май айында, ошол учурда мигранттарга каршы рейддер күчөп турган, Мамлекеттик Думадагы Россиянын компартиясынан депутат Михаил Матвеев мигранттарды фронтко жөнөтүүгө мүмкүнчүлүк бере турган мыйзам долбоорун даярдап жатканын билдирген.

*Мени полиция кармаганда колумда документтер жок болчу. Мен орусча начар сүйлөйм. Ошондуктан алардын мага карата жиндери келе баштады. Мени бей-легал деп күнөөлөштү. Эгерде мен келишимдин негизинде кызмат өтөөгө барбасам, анда мени депортациялай тургандыгын айтышты. Мен бул биздин согуш эмес экендигин айттым, ал болсо менин уятым жок экендигин, Россияда жашап, өз үй-бүлөмдү багыт жатып, анан аны коргогум келбей турганын айтты. Мени таманга ургулай баштады. Мен участкада эки күн болдум. Эч нерсеге кол койгон жокмун, макул болгон жокмун. Анан менин туугандарым юристтер менен келишип, документтеримди көрсөтүштү. Документтеримдин бардыгы жайында болчу. Мени коё беришти".*

**МУХАМЕД, 36 ЖАШТА**

Респонденттердин 36 %ы карапайым россиялыктар менен укук коргоо органдарынын мигранттарга карата ксенофобиясы согуш башталгандан кийин күчөп кетти деп эсептешет.

Респонденттердин пикири боюнча кысым көрсөтүүнүн төмөнкү чаралары мобилизация башталгандан кийин күчөгөн:

— Негизсиз текшерүүлөрдүн көбөйүшү – 28 %;
— Аскерге жарактуу куракта эркек мигранттарды негизсиз кармоо – 19 %;
— Келишимдин негизинде аскердик кызмат өтөөгө мажбурлоо – 19 %.


Албетте, санкциялар эмгек рыногун өзгөрттү, ошону менен бирге мигранттар үчүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн тарытты. Акча-каражатын иштеп табуу оор болуп турган шартта мигранттар үчүн Украинанын басып алынган аймактарындагы иштөө үчүн кызыктыра турган сунуштар пайда болууда. Жүздөгөн кыргызстандыктар Украинадагы шаарларды калыбына келтирүү иштерине жөнөп кетишти.

*Мигранттар өз ара баарлаша турган телеграмм каналдарда Мариуполдогу курулуш объектилериндеги жумуш жөнүндө жөнөтүлгөн маалымат чыгып калды. Эмгек акы жакшы, тамак-аш жана жашоого жай камсыз кылынат. Ошол учурда менде чоң көйгөйлөр бар болчу, эки ай болуп калган. Жумуш таба албай жаткам, иштеп тапканым аз болчу. Карыздарым бар болчу. Бир нече күн ойлонуп, жолдошум экөөбүз барууну чечтик. Корккондо эмне? Ал жакта азыр орустар жашап жатат. Телефон номуру боюнча чалдым. Орус жигит жооп берди. Курулуш компаниясы курулушчуларды өзү Москвадан алып келди, чоң автобустар менен. Биз бардыгы 156 киши элек, 60 % мигранттар, калганы орустар. Сегиз кыргыз барбыз. Өзбектер менен тажиктер абдан көп. Бул шаарда турганым 3 ай болду. Эмгек акыны азырынча биринчи ай үчүн гана алдым (80 миң рубль), калганын жакын арада беребиз деп убада кылышты. Тамак-аш, жашай турган жер бар. Бирок жумуш оор. Чарчайсың".*

**НУРСУЛТАН, 29 ЖАШТА**

2023-жылдын январь айында ММКларда тажик жана өзбек мигранттарын ЛЭР менен ДЭРдеги калыбына келтирүү жумуштарына тартып жаткандыгы жөнүндө маалымат чыккан. Видеодо мигранттар эмгек акынын кечиктирип жатканын айтып даттанып жатышкан. Ачык маалымат булактарында кыргызстандык жарандарды дагы тартып жатышканы жөнүндө маалымат жок.

**5-ДИАГРАММА.** *РОССИЯДАГЫ САЯСИЙ КЫРДААЛДЫН НАЧАРЛАШЫНА БАЙЛАНЫШТУУ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ПЛАНДАРЫ*




Россиядагы начарлап бара жаткан абал эмгек мигранттарын кабатыр кылып жатат, аскерге жалдоодон корккондон улам респонденттердин 48 %ы жакынкы мезгилде үйлөрүнө кетүүнү пландап жатышат, 29 %ы болсо акча-каражатын иштеп табуу максатында миграциянын башка жерин эбак пландап алышкан, 23 %ы гана Россияда калууну көздөйт.

# ТЫЯНАКТАР

Ошентип, Россиянын экономикасы мигранттарга өтө муктаж, бирок Россия мамлекети аларга карата классикалык колониалдык мамилени көрсөтүп жатат. Россиядагы эмгек мигранттарынын абалы согуштун айынан начарлап кетти, мамлекет тарабынан алардын укуктарынын бузулушу олуттуу түрдө өскөнү байкалат. Өткөн жылы толугу менен мамлекет эмгек мигранттарын Украинадагы согушка тартууга аракет кылды, бул ишке бүтүндөй административдик ресурс колдонулду. Борбордук Азия өлкөлөрүнөн канча жаран Россия тарапта согушуп жатканы жөнүндө так цифралар жок.

Эмгек мигранттарын куралдуу күчтөргө тартуудагы Россия бийлигинин үч негизги стратегиясы анык болду.

Биринчи стратегиясына мигранттарды Россия жарандыгын берүү менен жалдоо кирет. «Аскерге милдеттүүлүк жөнүндөгү» мыйзамга 2013-жылы киргизилген түзөтүүлөргө ылайык Россия жарандыгын алган чет элдик жарандар Россия куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөгө милдеттүү. Украинага басып киргенден кийин РФ Коргоо министрлиги Борбордук Азиадан чыккан, Россия паспортун алган жаштар менен байланыша баштаган, эгерде алар армияда кызмат өтөөнү каалабай турган болсо жарандыктан ажыратылат деп коркутушкан. Аскерге чакыруу курагынан жашы өтүп кеткен адамдарды дагы аскер комиссариаттарына чакырган учурлар дагы бар, аларды дагы жарандыктан ажыратыласыңар деп коркутушкан.

Экинчи стратегия – бул жарандык берүүнү жана жогору эмгек акы төлөөнү убада кылуу менен мигранттарды жалдоо. Аскер жалдоочулар мигранттарга алардын жарандык алуу жөнүндөгү арыздары келишимге кол койгондой кийин үч ай ичинде каралат деп убада кылышкан. 2022-жылдын сентябрь айында мыйзам кабыл алынган, ага ылайык жарандык алуу жөнүндө арыздарды карoo мөөнөтү бир жылдан үч айга чейин кыскартылган. Коргоо министрлигинин өкүлдөрү болочок солдаттарга айына 200 миң рубль эмгек акы убада кылышкан, бул болсо мигранттар иштей ала турган башка кандай гана иш болбосун кадыр эсе жогору. 2022-жылдын июль айынан тарта «Вагнер» ЖАК Борбордук Азиядагы социалдык түйүндөргө айлык акысы жогору болгон күзөтчүлүккө бош орундар бар экендигин жайгаштырган.

Үчүнчү стратегия – эркиндигинен ажыратылган жайлардагы эмгек мигранттарын жалдоо. Туугандарынын айтуусу боюнча камактагыларга эркиндикке чыгарууну жана акча-каражатын убада кылышкан. 2022-жылдын аягынан тарта Россиядагы түрмөлөрдөн согушка жалданган кыргызстандык жарандардын каза болуусу каттала баштаган. Россия Өкмөтү камактагылардын көз каранды экендигинен пайдаланып аларды согушка укуктук эмес жолдор менен тартуу менен аскердик даярдыгы жок адамдарды «замбирек жеми» (англ. тилинде «food fo powde» же «cannon fodder», орусча – «пушечное мясо» деп айтылат, алдыңкы катардагы максатсыз өлүмгө бара жаткан солдаттарга карата колдонулат) катары колдонуп жатышат. Аскерге жалданып келген түрмөдөгү камактагыларды вагнерчилердин өздөрү «бир жолкулар» деп айтышат экен. Анткени алардын ичинен өлүм өтө эле көп.

Чындыгында, Россия камактагыларга карата адамгерчиликке жатпаган мамиле кылып жатат, анткени алар коомдогу реалдуу окуялардан бөлүнүп калган абалда согушка катышуудагы тобокелчиликтерди баамдай алышпайт, убада кылынган эркиндик менен акча-каражатына алданып калышат.

Мобилизациядан кийин абал дагы начарлады. Кыргызстандын мигранттардын кай бири Россиянын жарандыгы жок болсо дагы повестка алышты. Москва бийлиги «Сахарово» миграциялык борборунда аскерге чакыруу пунктун ачты. РФ Куралдуу күчтөрү менен түзүлгөн келишимдин пайдалуу жактары жөнүндөгү маалымат Орто Азия элдеринин бардык тилдеринде жеткиликтүү болду. 2023-жылдын башында Россиянын паспорту бар кыргызстандыктардын кай бирлерине мобилизациялык тизмеге киргендигине байланыштуу Россиядан чыгууга тыюу салынды. Андан тышкары, Россия бийлиги Борбордук Азиядан чыккан эмгек мигранттарын Украинадагы шаарларды калыбына келтирүү жана фронт сызыгындагы аскердик коргонуу жайларын куруу иштерине тартууда. Басып алынган жерлердеги аткарган жумуштары үчүн эмгек акы төлөө кечиктирилип жаткан фактылар бар.

«Электрондук повестка» деп аталган нерсе киргенден баштап Россиянын паспорту бар мигранттар үчүн мобилизация боюнча абал орчундуу түрдө начарлады. Мамлекеттик Дума «Аскерге милдеттүүлүк жана аскердик кызмат жөнүндөгү» мыйзамды радикалдуу өзгөртө турган түзөтүүлөрдү кабыл алды. Эми аскердик комиссариаттарга келүүгө повестканын негизги түрү болуп электрондук повестка эсептелет, ал кагазга жазылган, тапшырык каттары аркылуу жөнөтүлгөн повесткалардай эле күчкө ээ, ошондой эле жумуш берүүчүлөр аркылуу дагы кабарлоо бар. Азыр Россиянын мамлекеттик кызмат көрсөтүү порталындагы жарандын жеке кабине-

тине жайгаштырылгандан тарта электрондук повестка тапшырылды деп эсептелет, же болбосо повесткалардын тизмесине жайгаштырылгандан кийин бир жумадан кийин күчүнө кирет.

Ушул учурдан тарта жаран аскердик кызматка чакырылган болуп эсептелет, ошону менен бирге өлкөдөн чыгып кетүү укугунан ажырайт. Повесткада көрсөтүлгөн күндөн 20 сутка өткөндөн кийин аскер комиссариатына жүйөлүү себепсиз келбөө ар кандай жагымсыз жыйынтыктарга алып келет. Мисалы, аскерке чакырылуучуга кредит алууга, ошондой эле жеке ишкер катары катталууга, кыймылсыз мүлк жана автомашина каттоого тыюу салынат. Россиянын паспорту бар биздин миңдеген мигранттардын кредиттери бар, ипотекага катталган, энелик капитал алышкан. Алар тузакка түшүп калышты. Бөтөн бирөөнүн согушуна барып катышуудан башка аларда арга жок.

Башка тармактардагыдай эле, миграциялык саясат багытында дагы экономикалык логика мобилизация кызыкчылыгы менен карама-каршы болуп калды. Келерки жылы Россияда адистиги жок жумушчу күчүнө болгон муктаждык дагы өсөт, бул экономиканын «жөнөкөйлөтүлүп» жатканы, коргоо өнөр жайынын үлүшүнүн көбөйүшү, ошондой эле табигый себептерден улам жумушчу күчүнүн кыскаруусу, анан дагы уланып жаткан мобилизацияга байланыштуу. Мажбурлоо менен аскердик кызматка жалдоонун Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тургундарынын Россияга акча-каражатын иштеп табууга баруу чечимине чукул таасир бере тургандыгы күмөн, бирок жаңы эмгек рынокторун издөөгө карай кошумча фактор болуп калуусу мүмкүн.

2023-жылы мурдагы жылдардай эле Россия Борбордук Азиядан чыккан мигранттар үчүн маанилүү эмгек рыногу болуп кала берет, ошондой эле 2024-жылы деле кызыктыруучу рынок бойдон калат. Ошол эле учурда Россиянын экономикасы буга чейин катаал эл аралык санкцияларга туруштук берип келсе дагы азыр басаңдай баштады. Экономикалык жагдай өзгөчө маанилүү болгон мигранттар альтернативдүү багыттарды издөөгө мажбур, анткени үйлөрүнө кайтуу ылайыксыз, ал жакта жумушчу орундары аз.

2022-жылдан тарта Казакстан Борбордук Азиядан кошумча эмгек мигранттарын тарта баштаган. Ал эми акыркы жылдарда Турция өзүнүн жайлуу экендигин көрсөтүп жатат. Андан тышкары, 2023-жылдын февраль айындагы катуу жер титирөөдөн кийин талкаланып калган аймактарды калыбына келтирүү үчүн Турцияга жумушчу күчү талап кылынат. Ал ортодо Өзбекстан эмгек миграциясынын багыттарын диверсификациялоо боюнча тынымсыз иш-аракеттерди жасоодо, Израиль менен эки тараптуу келишим түздү, ошол эле учурда Португалия, Улуу Британия жана Сауд Арабиясы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатат. Андан тышкары Улуу Британия мурдагы советтик өлкөлөр үчүн алты айлык виза менен 40 миң жумушчу орун бөлүп берди. Борбордук Азиядагы жумушчуларга кызыгуу жаралган өлкөлөрдүн көбөйүшү менен адам ресурстары үчүн болгон атаандаштык өсөт, ошону менен бирге Россиянын кабыл алуучу өлкө катары ролу узак мөөнөттөгү перспективада төмөндөй берет.

Кыргызстан жана Борбордук Азиядагы башка өлкөлөр үчүн 2023-жылы бул окуяларга тыкыр көз салып туруу, эмгекчил мигранттардын жыргалчылыгы үчүн жумушчу күчүнүн өсүп бара жаткан кыймылын тиешелүү келишимдер жана механизмдер менен коштоп туруу маанилүү.

# СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын бийлиги азырынча бөтөн жердеги кагылыштарга катышпоо жөнүндө жарандарга кайрылуулар менен гана чектелип турат. Эгерде зарылчылык болсо Россия өкмөтү Украинадага согушка жалдоо үчүн мигранттарга таасир этүүчү керектүү жолдорду таба ала тургандыгын КР өкмөтү түшүнүшү керек.

Кыргызстан болгон бардык каналдар аркылуу Россия тарапка кыргызстандык жарандардын Украинадагы жаңжалга катышуусуна каршы экендигин түшүндүрүүсү талап кылынат.

— Чукул арада Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын жана РФ жарандыгын алган мекендештерди коргоого алуу зарыл.
— Кыргыз Республикасынын ИИМи консулдук кызматтар менен бирдикте чукул арада ошондой адамдарга кайра кайтуу сертификаттарын тапшырып, алардын тезинен мекенине кайтуусун камсыз кылуусу керек.
— Эки өлкө ортосундагы эркинен ажыратылган адамдарды өткөрүп берүү жөнүндөгү 2016-жылдагы Келишимге тезинен кол коюп, аны ратификациядан өткөрүү зарыл. Бул болсо Кыргызстанга Россиянын колонияларындагы өз жарандарын өткөрүп алууга мүмкүнчүлүк берет.
— Аскерге жалдоо жана согушка жөнөтүүнүн ар бир фактысы боюнча өзүнчө каршылык нотасы менен чыгып турууну КР Тышкы иштер министрлиги Москвадагы элчиликти милдеттүү кылуусу керек, бул жөнүндө ММКларга маалымат берилип турууга тийиш. Ал эми Башкы прокуратура кыргызстандык жарандарды аскерге жалдоонун фактылары боюнча кылмыш ишин козгошу керек.
— Министрлер кабинетинин экономикалык блогу болсо биздин мекендештердин Россиядагы бизнесин тез арада Кыргызстанга которууга жана алардын капиталын өлкөдө кармап калууга өбөлгө түзүшү керек.
— КР Өкмөтүнүн эмгек мигранттарынын агымынын багыттарын Казакстан, Турция, Улуу Британия, Латвия, Польша жана башка өлкөлөр тарапка диферсификациялоо боюнча иштерин ыкчам улантуу зарыл.
— 2022-жылдын октябрь айында РФ Президенти Владимир Путин Россиянын аракеттеги миграциялык саясаты кайра каралат деп билдирген. Россияда миграциялык көзөмөлдүн мындан ары дагы күчөтүлүүсү күтүлүүдө, демек Россиядагы эмгек мигранттарынын саны дагы бир топ кыскарат.
— Эмгек миграциясынын агымынын багыттарын диверсификациялоо маанилүү бойдон калууда, бул багытта Өзбекстан алдыда. Эмгек миграциясынын багыттарын кеңейтүү иштерин Кыргызстан күчөтүшү зарыл, ал эми акча-каражатын иштеп табууга жөнөтүүгө мамлекеттик агенттиктердин аралашышы эмгек миграциясындагы тобокелчиликтерди төмөндөтөт.
— Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдындагы жарандарды чет өлкөлөрдө жумушка орноштуруу Борборунун ишин Жумушка орноштуруу жеке Агенттиктеринин потенциалын көтөрүү аркылуу жигердентүү керек.
— Мисалы, Улуу Британияга карай мигранттардын агымынын өсүшү жаңы тенденция болуп калды, ал Борбордук Азиядан мезгил ичиндеги жумушчуларды кабыл ала баштады. 2022-жылы Улуу Британия алты айлык виза менен мурдагы советтик өлкөлөр үчүн 40 миң жумушчу орун бөлүп берген.
— Борбордук Азиядан чыккан эмгек мигранттарына улам көбүрөөк өлкөлөр кызыга башташы менен адам ресурстары үчүн болгон атаандаштык өсөт, ошону менен бирге Россиянын кабыл алуучу өлкө катары ролу узак мөөнөттөгү перспективада төмөндөй бериши керек.
— Бирок, Борбордук Азиядан чыккан көп сандагы эмгек мигранттарын кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар жаңы эмгек рынокторун иликтөө жөнөкөй маселе болбой калуусу мүмкүн, окуянын бул багытта өнүгүүсү өзүн толук актаганга чейин көптөгөн жылдар өтүүсү мүмкүн. Ошондуктан эмгек мигранттарынын формалдуу жана реалдуу адистигинин ортосундагы дал келбөөчүлүктөрдү жаңы өлкөлөрдө жоюу үчүн тиешелүү иш-аракеттерди жасоо жана кабыл алуу, көзөмөл кылуу жана жумуш аткаруунун натыйжалуу түзүмүн жаратуу зарыл.
— Эмгек мигранттарынын арасында бөтөн мамлекеттердин аймагындагы согуштук

аракеттерге катышууда кандай тобокелчиликтер бар жана анын кесепеттери жөнүндө маалыматтык иштерди күчөтүү керек.

— Жарандык коом жана Россиядагы тышкы иштер мекемелери эмгек мигранттарын өз укуктарын мыйзам тыюу салбаган бардык жолдор менен коргоого, зомбулукка каршы турууга, мобилизация жөнүндө мыйзамсыз чечимге негизделген талаптар менен буйруктарга баш ийбөөгө окутуусу керек. Россияда мобилизациядан кутулууга жардам бере турган уюмдар бар, алардын Россияда иштөөсү абдан эле оор экендигин түшүнүү керек. Коммерциялык эмес уюмдар бул багыттагы өз иш-аракеттерин активдештирүүсү зарыл.

# КЫСКАРТУУЛАР

**РФ** – Россия  Федерациясы

**КР** – Кыргыз Республикасы

**БА** – Борбордук Азия

**ЧЕБА** – Чыгыш Европа жана Борбордук  Азия

**РФ ИИМ**– Россия Федерациясынын Ички иштер министрлиги

**РФ ФКК**– Россия Федерациясынын Федералдык Коопсуздук кызматы

**ЖАК** – Жеке аскердик компания

**КМШ**– Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги

**РФ ИИМ МИБ**   – Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин алдындагы Миграция иштери боюнча башкы башкармалык

**ЕАЭБ ¬**– Евразиялык экономикалык биримдик

**ЕАЭК** – Евразиялык экономикалык комитет

**ЕБ** – Европа биримдиги

**ЧЖ** – чет элдик жарандар

**ФТД** – Фокус-топтогу дискуссия

**МТМК** – Милдеттүү түрдөгү медициналык камсыздоо

**ММК** – Массалык маалымат каражаттары

**ИДП** – Ички дүң продукция

**КФМБ** – Көп функционалдуу миграция борбору

**ААО** – Атайын аскердик  операция

## ГЛОССАРИЙ

**Россиянын Украинага кол салуусу (2022)** – Украинадагы «атайын аскердик операция - ААО», Украинага каршы Россиянын агрессиясы, орус-украин согушу.

**Россиядагы мобилизация** – 2022-жылдын 21-сентябрында Россиянын Украинага кол салуусунун жүрүшүндө, ошондой эле Украинанын Куралдуу күчтөрүнүн каршы чабуулунун башталышы менен Владимир Путин Россиядагы «жарым-жартылай мобилизация» жөнүндө жарыя кылган.

**Экономикалык санкциялар** (буга **соода** жана **каржы** санкциялары дагы кирет) – эл аралык сооданын катышуучуларынын бирөө тарабынан (бир өлкө же өлкөлөрдүн тобу) башка катышуучуга карата («санкция объектиси») анын саясий багытын өзгөртүү максатында колдонулган тыюу салуу мүнөзүндөгү чаралар.

**«Вагнер» ЖАК** (англ. Wagner Group) — Россиядагы мамлекеттик эмес аскер бөлүгү (жеке аскер компаниясы, ЖАК), укуктук макамы түшүнүксүз, Евгений Пригожин деген орус ишкери түзгөн жана аны көзөмөлдөп турат. Кай бир мамлекеттерде «террористтик уюм» деген макамга ээ. Бул түзүм 2014-жылдан тарта Украинанын аймагында, андан кийин Сирияда аракетте болгон. Түзүмдүн карамагында оор техникалар, артиллерия жана аскер учактары бар. Украинадагы согушка Борбордук Азиядан чыккан эмгек мигранттарын тартып жаткан негизги ЖАКтын бири болуп саналат.

**«Патриот» ЖАК** — Россиядагы жеке аскердик жана күзөт компаниясы, Евгений Пригожиндин «Вагнер Тобу» менен түздөн-түз атаандаштыкта, Украинага каршы Россиянын басып киргүсүнүн тушунда Россия тарабынан аракетке келтирилген.

**«Электрондук повесткалар»** - 2023-жылдын 4-апрелинде Россия Думасы аскерге чакыруунун электрондук повесткасы жөнүндө мыйзам кабыл алды. Бул документте аскерге милдеттүүлөрдүн бирдиктүү тизмесин түзүү жана аскерге чакырылуучуларды эскертүүнүн жаңы ыкмалары каралган. Мындан ары повестка тапшырык каттары аркылуу, «Мамлекеттик кызмат» порталы аркылуу электрондук түрдө жана Көп функционалдуу миграция борбору (КФМБ) аркылуу келиши мүмкүн.

**Донецк Элдик Республикасы (ДЭР)** — Украинанын чыгыш тарабында Россия колдоого алган сеператисттер тарабынан түзүлгөн мамлекеттик түзүлүш. 2014-жылдан 2022-жылга чейин өз алдынча жарыя кылынган мамлекет катары болгон, андан кийин Россия өзүнө кошуп алган (аннексияланган). ДЭР Украинанын Донецк облусунун аймагына толук ээлик кылууга умтулууда. Административдик борбору - Донецк шаары. Украинанын мыйзамдарына ылайык Донецк облусунун ДЭР көзөмөл кылган аймагы 2014-жылдан бери карай Россиянын оккупациясында турат.

**Луганск Элдик Республикасы (ЛЭР)** — Украинанын чыгыш тарабында Россия колдоого алган сеператисттер тарабынан түзүлгөн мамлекеттик түзүлүш. 2014-жылдан 2022-жылга чейин өз алдынча жарыя кылынган мамлекет катары болгон, андан кийин Россия өзүнө кошуп алган (аннексияланган). ЛЭР Украинанын Луганск облусунун аймагына толук ээлик кылууга умтулууда. Административдик борбору - Луганск шаары. Украинанын мыйзамдарына ылайык Луганск облусунун ЛЭР көзөмөл кылган аймагы 2014-жылдан бери карай Россиянын оккупациясында турат.